

**7-8**
**2020**

ISSN 0132-618x
1928-жылдан баштап чыгууда

# ЭЛ АГАРТУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН
“АРДАК БЕЛГИСИ” ОРДЕНДҮҮ ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ЖУРНАЛЫ
--------------------------------------------------

НАУЧНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ И МЕТОДИЧЕСКИЙ ОРДЕНА «ЗНАК ПОЧЕТА» ЖУРНАЛ
МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
----------------------------------------------------------

SCIENTIFIC-PEDAGOGICAL AND METHODOLOGICAL ORDER "BADGE OF HONOR" MAGAZINE
OF THE MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Редколлегия**

**1. Анаркулов Х.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор.
**2. Акматалиев А.А.** -филология илимдеринин доктору, академик
**3. Биялиев К.** - педагогика илимдеринин доктору.
**4. Исаков К.** - филология илимдеринин доктору, профессор.
**5. Ишекеев Н.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор.
**6. Ниязов Т.** – география илимдеринин кандидаты, профессор.
**7. Оморов И.** - география илиминин кандидаты.
**8. Өмүрбеков Т.** –тарых илимдеринин доктору, профессор.
**9. Соронкулов Г.** – педагогика илимдеринин кандидаты.
**10. Тайтелиев Ч.** –“Эл агартуу” журналынын баш редактору.

**Редколлегия**

**1. Анаркулов Х.** – доктор педагогических наук, профессор.
**2. Акматалиев А.А.** –доктор филологических наук, академик.
**3. Биялиев К.** - доктор педагогических наук .
**4. Исаков К.** - доктор филологических наук, профессор.
**5. Ишекеев Н.** – доктор педагогических наук, профессор .
**6. Ниязов Т.** – кандидат географических наук, профессор.
**7. Оморов И.** - кандидат географических наук .
**8. Өмүрбеков Т.** –доктор исторических наук, профессор.
**9. Соронкулов Г.** – кандидат педагогических наук.
**10. Тайтелиев Ч.** –гл. редактор журнала “Эл агартуу”.

**Editorial board**

**1. Anarkulov H.** - doctor of pedagogical sciences, professor.
**2. Akmataliev A. A.-** doctor of philological sciences, academic.
**3. Biyaliev K**. - Doctor of Education.
**4. Isakov K**. - Doctor of Philology, Professor.
**5. Ishekeev N**. - doctor of pedagogical sciences, professor.
**6. Niyazov T**. - Candidate of Geographical Sciences, Professor.
**7. Omorov I.** - Candidate of Geographical Sciences.
**8. Omurbekov T. A**. - doctor of historical sciences, professor.
**9. Soronkulov G**. - PhD.
**10. Taiteliev Ch**. - main editor of magazine "El agartuu".

**<u>*ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ*</u>**
**<u>*ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ*</u>**
**<u>*PEDAGOGICAL SCIENCE*</u>**

**Оторбаев Б. К.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти*

# ИННОВАЦИЯ ЖАНА АДАБИЯТТЫ МЕКТЕПТЕ ИННОВАЦИЯЛАП ОКУТУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Оторбаев Б. К.**
*доцент КНУ им. Ж.Баласагына*

# ИННОВАЦИЯ И ВОПРОСЫ ИННОВАЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ ЛИТЕРАТУРЫ В ШКОЛЕ

**B. K. Otorbaev**
*Associate professor of KNU named after J. Balasagyn*

# INNOVATION AND ISSUES OF INNOVATIVE TEACHING OF LITERATURE AT SCHOOL

**Аннотация:** *Макалада инновация жана кыргыз адабиятын мектепте окутуудагы инновациялык жаңылануулар тууралуу кеп болот. Ошондой эле акыркы чейрек кылым аралыгында мектептик билим берүүдө көптөгөн өзгөрүүлөр болгондугу жана бул өзгөрүү, сапаттык жактан жакшыруу, жаңылануу процесстери дагы уланып келе жаткандыгы кенен талкууга алынат.*
**Түйүндүү сөздөр:** *мектептик билим берүү, инновация, инновациялап окутуу,*

**Аннотация:** *В статье речь идет об инновациях и инновационных новшествах в школьном обучении кыргызской литературы. Рассматриваются вопросы качественного улучшения школьного образования, которые происходили за последние четверть века.*
**Ключевые слова:** *школьное образование, инновации, инновационное обучение.*

**Resume:** *the article deals with innovations and innovative innovations in school teaching of Kyrgyz literature. The article deals with the issues of quality improvement of school education that have occurred over the past quarter of a century.*
**Key words:** *school education, innovation, innovative training.*

## 1. Инновация жана кыргыз адабиятын мектепте окутуудагы инновациялык жаңылануулар.

Акыркы чейрек кылым аралыгында мектептик билим берүүдө көптөгөн өзгөрүүлөр болду жана бул өзгөрүү, сапаттык жактан жакшыруу, жаңылануу процесстери дагы уланууда. Азыркы учурда «сабакты канткенде ачык-айкын, кызыктуу кыла алам?», «канткенде окуучуларды өз предметиме тартып кете алам?», «сабакта ар бир окуучу үчүн ийгилик кырдаалын канткенде түзө алам?» деген сыяктуу суроолордун үстүндө баш оорутуп ойлонбогон мугалим жокко эсе. Чынында эле кандай гана мектеп мугалими сабагында окуучуларынын өз эрки менен, чыгармачылыктуу, ийгиликтүү эмгектенүүлөрү тууралуу кыялданбай коё алат?

Арийне, мындай умтулуу, мындай кыялдануулар кокусунан эмес. Коомдун, андагы мамилелердин жаңыча уюштурулушу, жашоого карата жаңыча мамиле мектептик билим берүүгө

мурдагыдан айырмалуу, кыйла прогрессивдүү талаптарды коюп отурат. Бүгүнкү күндөгү мектептик окутуунун **негизги максаты** – бул окуучунун белгилүү бир билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн топтомуна ээ болуусу гана эмес, ошондой эле анын билим берүүчүлүк ишмердүүлүктүн өз алдынчалуу субъектиси катары даярдалышы дагы. Заманбап билим берүүнүн негизинде мугалимдин жана андан кем эмес маанилүү окуучунун жигердүүлүгү жатат. Так мына ушул максатка – окуп билим алууга, интеллектуалдык жактан өз алдынчалуу өркүндөп-өнүгүүгө жөндөмдүү чыгармачыл, жигердүү жаш инсанды тарбиялап чыгарууга азыркы заманбап билим берүүнүн негизги милдеттери баш ийдирилет.

Окутууга карата жаңыча инновациялык мамиле мектеп окуучусу үчүн сабак тажатма нерсеге, көңүл ачууга же же оюнга айланып кетпей, аны пайда, кубаныч, жаркын маанай алып келүүчү процесс катары уюштурууга мүмкүнчүлүк берет. Мүмкүн так мына ушундай сабактарда, убагында улуу сөз чебери Цицерон айтып кеткендей, «угуп жаткандардын көздөрү сүйлөп жаткандын көздөрүндөгү жалындан улам тутанып, чындап алоолоп жанып чыга келишет».

Деги «инновация», «инновациялык окутуу» деген эмне? Учурда педагогикалык илимий чөйрөлөрдө, методика илиминде, жалпы орто билим берүү мекемелеринде «инновация», «педагогикалык инновация», «билим берүүдөгү инновация», «инновациялык технология», «инновациялык окутуу» деген сыяктуу түшүнүктөрдүн улам кеңири колдонууга киргизилип жатканына байланыштуу ушул термин-түшүнүктөргө карата окумуштуу-методисттердин мамилелеринин, булардын педагогика, методика илимдериндеги ордунун аныкталып, такталышы кечиктирилгис милдеттерден болуп отурат.

Инновациянын педагогикалык критерий катары аныкталышы илимий-методикалык адабияттарда көп эле кездешип жүрөт, эреже катары, «жаңыны киргизүү», «жаңычылдык» түшүнүктөрүндө берилип келет. Латынчадан ал «инновация» ***(innovatio)*** сөзүнөн алынып, так которгондо ал «жаңыны» эмес, «жаңыга багыт алууну» билдирет.

Азыркы учурда «инновация» түшүнүгү эки аспектиден каралат: бир тарабынан, ал жалпы эле жаңылануунун билдирсе, экинчи тарабынан, ошол жаңылануунун педагогикалык процессте колдонууга киргизүүнү туюндурат. Инновациялык педагогикалык процесстер Батышта болжол менен өткөн кылымдын 50-жылдарынын аяк ченинен, ал эми Россия Федерациясында 90-жылдардын баш ченинен тарта атайын изилдөөнүн предмети болуп, педагогикалык иш практикасына жигердүү киргизилип баштаган. Бизде мектептик билим берүүдөгү инновациялык процесстер ошол өткөн кылымдын 90-жылдарынын экинчи жарымынан бери карай кеңири белгилүү болуп отурат. Дегинкиси, «жаңылануу», «жаңыдан киргизүү», «инновация» түшүнүктөрүн бирин экинчисинен айырмалаган так аныктамалар жок, булар негизинен бир окшош маанини билдиришет. Авторлордун басымдуу көпчүлүгү буларды конкреттүү бир кырдаалда жаңы, жаңылануу, жаңыдан киргизүү катары эсептөө менен, алдыга коюлган максаттарга натыйжалуу жетишүүнү камсыз кылуучу идея, каражат эсебинде аныктоодо бирдей пикирде, бир позицияда турушат.

Интернет булактарда бул инновация феноменин «педагогикалык жаңыдан киргизүү, максаттуу багытталган, билим берүүчүлүк чөйрөгө туруктуу элементтерди (жаңылануулары) киргизүүчү, билим берүү системасынын айрым бөлүмдөрүнүн, курамдык бөлүктөрүнүн жана бүтүндөй өзүнүн мүнөздөмөлөрүн жакшыртуучу прогрессивдүү өзгөрүү» деп түшүндүрүлөт.[1]

Ушул «инновация» түшүнүгүн, ал койгон талаптардын дидактикалык табият-мүнөздөмөсүн профессор Ж.А.Чыманов төмөндөгүчө чечмелейт:

**«Инновация»** – эки сөздөн турган термин. Термин катары бул сөздүн колдонулуу чөйрөсү өтө

[1] Караңыз: Что такое инновации в педагогике? (Интернет булактан).

кеңири, бүгүнкү күндө билим берүүдө гана эмес, өндүрүштө, илимде, башкарууда ж.б. жигердүү пайдаланылып жатат. Биринчи бөлүгү – **ин**: «ичинен», «өзүнөн» деген маанини, ал эми экинчи бөлүгү – **новация**: «жаңылануу», «өзгөрүү» түшүнүгүн туюндурат. Демек, анын негизги лексикалык мааниси – өзүнөн (ичинен) өзгөрүү (жаңылануу), жаңыланууларды киргизүү».[2]

Ал эми биздин түшүнгөнүбүздө: **«билим берүүдөгү инновация же педагогикалык инновация – бул окутуудагы жалпы эле жаңылануу, жаңыдан киргизүү, прогрессивдүү өзгөрүү болуу менен катар, окутуу ишинде буга чейин колдонууда болуп келген салттуу усулдардын, ык-амалдардын, окутуу технологияларынын, дегеле мектептеги окутуу процессинин ичтен жаңылануусу, предметти окутуу усулдарынын, ыкмаларынын, каражаттарынын, системаларынын ички катылуу мүмкүнчүлүктөрүн ачыкка чыгаруу, жигердештирүү негизинде аларды бүгүнкүнүн талаптарына ылайык келгендей кылып жаңылап кайра иштеп чыгуу, ошо жаңыланган түрүндө сабак процессинде пайдалануу»**.[3] Учурда жаңы делинген сынчыл ойлом, ой калчоо сыяктуу интерактивдүү окутуунун усул-ыкмаларын, каражаттарын демейки биз билген проблемалык окутууну инновациялоого – ичтен жаңылоого болгон аракеттин бир мисалы катары караса болчудай. Ошондой эле мектепте заманбап сабак процессин алып баруунун чакыруу, ойлоп түшүнүү, артка кайтуу (рефлекция) баскычтары мурдагы мугалимдин киришүү сөзүн, жаңы материал менен тааныштырууну, жаңы эле өздөштүрүлгөндү жыйынтыктап бекемдөөнү эске салат. Мектептеги лекция, семинар сабактарынын жигердүү сабак формалары эсебинде кайрадан иштелиши да педагогикалык инновациянын демейки мисалдарынан боло алышат.

Баарыга жакшы белгилүү, өлкөбүздүн интеллектуалдык корун түзүп калыптандыруунун, анын сапатын жогорулатуунун адепки булагы болуп мектептик билим берүү эсептелинет. Ушундан улам педагогикалык ЖОЖдордун алдына мектеп мугалимдерин – мунун ичинде кыргыз адабияты мугалимдерин заманбап талаптарга ылайык даярдап чыгаруу милдети коюлуп отурат. Бул жоопкерчиликтүү милдеттин өтөөсүнө чыгуу үчүн бүгүнкү студент, эртеңки кыргыз адабияты мугалимдери төмөндөгү сапаттарга ээ болуулары керек:

1) талаптагыдай деңгээлдеги жана өлчөмдөгү жогорку адистик чеберчиликке;

2) эмгек рыногунда конкуренцияга туруштук берүү жөндөмдүүлүгүнө;

3) кесиби боюнча жумушта дүйнөлүк стандарттардын деңгээлинде натыйжалуу эмгектенүүгө;

4) туруктуу кесиптик өсүшкө, социалдык жана кесиптик мобилдүүлүккө карата жөндөмдүн жана каалоонун болушуна.

Болочок кыргыз адабияты мугалимдерин бул саналып өтүлгөн мүнөздөмөлөргө ылайык даярдап чыгаруу үчүн өлкөбүз өнүгүүнүн өзгөчөлүү инновациялык тартибин басып өтүшү керек, ал үчүн биз билим берүү системабыздын совет доорунда калыптанган мыкты салттарын жоготпой сактап калып, ошол эле маалда мектептик билим берүүнү өнүктүрүүнүн дүйнөлүк тенденцияларын көңүлгө алып, предметтик билим берүүбүздү дүйнөлүк нормаларга жана стандарттарга ылайык келтирүүбүз зарыл болуп турат. Алдыга коюлган бул милдеттерди чечүү үчүн билим берүүчүлүк чөйрөгө инновацияларды – педагогикалык инновацияларды киргизүү талап кылынат.

Айтмакчы, мектептик билим берүүдөгү инновациялык көрүнүштөргө карата айрым жаңылыш пикирлер, көз караш-позициялар да кездеше калып жүрөт. Мисалы, окумуштуу-методисттердин,

---

[2] Караңыз: Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: Окутуу методдору. – Б., 2007. – 59-б.

[3] Оторбаев Б.К. Адабиятты мектепте окутуунун актуалдуу маселелери. – Б., 2013. – 62-б.

мектептердеги практик мугалимдердин арасында интеграцияланган сабакты предмет аралык байланыштын азыркы заманбап талаптарга ылайык инновацияланышы деп кабылдагандар да бар. А чынында булар айрым жалпылыктары орун алуу менен катар, бири экинчисине кайнаса каны кошулбаган ар башка усулдук түзүмдөрдөн болуп эсептелишет. Ошондой эле интеграциялап окутуу миң жаңы болгон күндө да мезгил сынагынан ишенимдүүлүк менен өтүп келаткан предмет аралык байланышты түк алмаштыра албайт. Ооба, ар кандай жаңыдан киргизүү же ичтен жаңылануу ийгиликсиз болуп, түзүк натыйжаны бере албаса, анда ал инновация болуп эсептелинбейт.

Инновациялык окутуунун **актуалдуулугу** төмөндөгүлөрдөн турат:

– билим берүүнү гумандаштыруу концепциясына дал келүүсү;

– окутуу системасында формализмден, авторитардуулуктан баш тартуусу;

– инсанга багыттап окутуунун принциптерин колдонууга алуусу;

– окуучунун ички катылуу чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн таап, алып чыгуунун шарттарын издөөсү;

– өз алдынчалуу чыгармачылык ишмердүүлүктүн заманбап коомдун социомаданий муктаждыктарына дал келүүсү.

Инновациялык окутуунун негизги **максаттары** болуп эсептелишет:

– окуучулардын интеллектуалдык, коммуникативдик, лингвистикалык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

– окуучулардын жекече инсандык сапаттарын калыптандыруу;

– окуп-таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө таасир этүүчү билгичтиктерди иштеп чыгуу жана демейкиден натыйжалуу чыгармачылык деңгээлине көтөрүлүү;

– ой жүгүртүүнүн ар кыл түрдүү типтерин өнүктүрүү;

– сапаттуу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү түзүп калыптандыруу.

Мына ушул максаттардан келип инновациялык окутуунун **милдеттери** аныкталат:

– окуу-тарбиялык процессти оптималдаштыруу;

– окуучу менен мугалимдин кызматташуусу жагдайын түзүү;

– окуп билим алууга карата узак мөөнөттүү оң ниеттенүүнү (мотив-дешүүнү) иштеп чыгуу;

– окуучуларды жаратуучулук ишмердүүлүккө тартуу;

– окуу материалын жана жана аны алып чыгуу ыкмаларын жоопкерчилик менен иргеп алуу.

Адабиятты инновациялык окутуунун **өзгөчөлүгү** болуп төмөндөгүлөр эсептелишет:

- алдыга озуп окутуу, өсүп-өнүгүүгө тынымсыз умтулуу;
- алдыдагыга карата ачык-айрымдык;
- инсанга, аны өнүктүрүүгө багытталгандык;
- чыгармачылыктын элементтеринин сөзсүз түрдө орун алуусу;
- мамилелердин өнөктүк тиби: кызматташтык, биргелешкен чыгармачылык, өз ара жардамдашуу ж.б.

Адабиятты – кыргыз адабиятын инновациялап окутуунун негизинде төмөндөгүдөй **технологиялар** орун алган:

– өнүктүрүп окутуу;

– проблемалык окутуу;

– сынчыл ойломду өнүктүрүү;

– окутууга карата дифференцирленген мамиле;

– сабакта ийгиликтүүлүк кырдаалын түзүү.

Дегинкиси, инновациянын башкы көрсөткүчү болуп калыптанган салттуулукка жана демейки иш практикасына салыштырмалуу бул же тигил билим берүүчүлүк феномендн өнүктүрүүдөгү прогрессивдүүлүк эсептелинет. Инновация жаңыдан киргизүү болуу менен катар, тарыхый мүнөздү алып жүрөт: айрым инновациялар «өз мезгилинен» мурда келип чыгышат, б.а. «өз мезгилинен озгон» абалда

болушат, ал эми башкалары убакыттын өтүшү менен көнүмүшкө айланып, эскирип башташат.

**2. Кыргыз адабиятын мектепте окутуудагы лекция-сабагы жана аны инновациялоо мүмкүнчүлүктөрү. Кыргыз адабияты боюнча семинар-сабактарын инновациялык негизде уюштуруу.**

Эмки сөз мектептеги кыргыз адабияты предмети боюнча **лекция сабактарынын инновацияланышы** тууралуу жүрмөкчү. Ушунда лекция-сабакты жигердүү сабак формасы катары кароого болобу? – деген суроо туулат. Ишмердүүлүк бир жактуу – жеке мугалим сүйлөп, окуучулар анын айтканын угуп, түшүнгөнүн конспектилеп жазуу менен гана алектенип жаткандай болуп көрүнгөн лекция-сабак бир караганда пассивдүүлүктүн классикалык үлгүсү сыяктуу. Окутуу ишиндеги негизги сабак формаларынан болгон лекциянын түпкү маңызын, түзүмүн (структурасын), уюштурулуш жагдайларын дагы бир сыйра карап чыгып, мындагы мурда көзгө илинбеген, байкалбаган ички мүмкүнчүлүктөрдү аракетке келтирүү, жигерлештирүү негизинде лекцияны сабактын жигердүү формасына айландыруу – түп тамырынан жаңылоо (инновациялоо) зарылдыгы учурдун эң бир маанилүү милдеттеринен болуп отурат.

Лекция-сабак маалымат берүүгө гана эмес, билимди аң-сезимге системалуу түрдө сиңирүү менен ага ишендирип, окуучулардын адамдарга, дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырып, аны бекемдөөгө жөндөмдүү. Жигердүүлүк лекция сабагынын бул же тигил формасын колдонууга алганда эле өзүнөн-өзү келип чыкпайт, ал мугалимдин жана окуучулардын тийиштүү маселе боюнча өзүнүн ички оюн айтмайын тим тура албаган чыгармачылык эмгеги аркылуу түзүлөт. Дегинкиси, лекция сабагынын өзүндө бай мүмкүнчүлүктөр катылып жатат. Мугалимдин жандуу айтылган баяндамасы өтүлүп жаткан окуу материалына карата эмоционалдык-эстетикалык мамилени жаратып, окуучулардын ички жан дүйнөсүндө «таза сезимдердин» ойгонушуна, жыйынтыгында коомубуздун татыктуу мүчөсү– инсаны катары калыптануусуна көмөкчү болот. Андан да лекция-сабактын жардамы аркасында окуучулардын сабак учурундагы жана сабактан тышкаркы убактардагы чыгармачылык ишмердүүлүктөрүнө жетекчилик жүзөгө ашырылат, билим алууга, көркөм чыгарманы өздөштүрүүгө болгон көндүмдөрдүн ар кыл түрлөрү калыптанууга мүмкүнчүлүк алат. Мында окуучулардын чыгармачылык жигердүүлүгүнө, өз алдынчалуулук демилгелерине кубануу гана керек, себеби так ушул жакшына саамалыктардан улам алардын адабий чыгарманы өздөштүрүүгө деген жекече жөндөмдүүлүктөрү болушунча жогорку өнүгүүгө жетише алат.

Лекцияны уга билүү– бул татаал психологиялык-педагогикалык процесс. Окуучулардын алдында жеке мугалимдин айтканын жазып алуу милдети турган күндө да, алар мугалимдин айткандарын туура түшүнүп, кабылдоого жетишүүлөрү ылайык, лекциядагы айтылган ойдун эң башкыларын, маанилүү дегенин бөлүп алып, ички маңызын баалап, кыскартып жазып үлгүрүүлөрү зарыл. Андан да айтылганды угуп, туура түшүнүп, кабылдоо менен эле чектелбей, материалды чыгармачылык менен өздөштүрүүлөрү талап кылынат. А эгер тапшырма татаалдашса, анда окуучу мугалимдин лекциясын конспектилеп жазып алуудан тышкары өтүлүп жаткан тема тарабынан коюлган маселелерди чечмелөөгө катышат, мурда билгендерин эсине түшүрүп, аларды жаңы укканына катар коюп салыштырып, жекече жыйынтыгын чыгарат, коюлган суроолорго оозеки жана жазуу түрүндөгү кеңири жоопторду даярдайт. Көрүп турганыбыздай, мында окуучунун ишмердүүлүгү дагы оорлошот.

Сабакта лекцияны, мисалы, Ч.Айтматовдун өмүрү жана калемгерлик өнөрканасы тууралуу лекция баянды окуучулардын чыгармачылык менен кабылдай билүүлөрүнө кантип үйрөтүүгө болот? Лекцияны кабылдоо – бул өзгөчөлүү көндүм экени түшүнүктүү, ар кандай окуу көндүмдөрү сыяктуу эле

ал да максаттуу багытталган педагогикалык ишмердүүлүк процессинде түзүлүп бекемделет. Андыктан баарыдан мурда окуучунун лекцияны угуу учурундагы жумушунун негизинде жаткан көндүмдү аныктап алуу керек. Бул – угулган материалдагы эң маанилүүсүн, негиздүүсүн аныктай билүү көндүмү. Мисалы, IX класстагы адабият сабагында А.Саспаевдин өмүрү, чыгармачылык жолун өтүүдө мугалим окуу китебиндеги анын Кытай жергесиндеги тагдырын чагылдырган өзүнүн эскерүүлөрүн пайдаланганы ылайык. Лекция-баян 25–30 мүнөт убакыт аралыгында айтылып бүтөт. Мугалимдин бул баяны киришүү сабагы катары алдыда өтүлө турган негизги материалды кабылдоого окуучуларды психологиялык жактан даярдоо, кызыктыруу милдетин аткарат.

Мектеп лекциясынын өзгөчөлүгү андагы мугалимдин ишмердүүлүгү окуучулардын ишмердүүлүгүнөн бөлүнгүс бүтүндүктө экендигинде: лекцияны окуу менен катар ага ошол эле учурда шакирттеринин ишине жетекчилик кылууга туура келет. Сабакка даярданып жатып, мугалим лекцияны кантип айтуу туурасында гана эмес, ошондой эле окуучулар сабакта эмне иш кылышат, алардын алдында кандай максаттардын коюлушу ылайык, материалды кабылдап жана өздөштүрүүгө аларды кантип даярдаш керек, аталган сабакта алар билимдерге жана көндүмдөргө ээ болуунун кандай деңгээлине жетише алышат жана муну кантип текшерсе болору жайында да ойлонгону маанилүү. Дегинкиси, лекция-сабактын инновацияланышында мына ушул жагдайлар негизги ролду ойнойт.

Лекция учурундагы окуучулардын ишмердүүлүгү үч башка формага ээ. Бул, биринчиден, материалдын кабылданышы, мында эмоциялар, ой жүгүртүү, көз алдыга элестетүү, эстеп калуу жана сүйлөө мүмкүнчүлүгү аракетке келет; экинчиден, материалдын ортого салынышына катышуусу (доклад, реферат, көркөм окуу), үчүнчүдөн, окуучулардын лекция учурундагы жана андан кийинки убактардагы өз алдынча иштөөлөрү. Лекциянын окутуунун активдүү формасына айланышы үчүн окуучунун ишмердүүлүгүнүн бул үч башка көрүнүшү бирдей аракетке келиши керек. Алгач мына ушул маселени чечмелеп көрөлү.

Адабият – кыргыз адабияты сабагын алып баруунун тигил же бул ыкмасын тандап алууда кандай материал өтүлгөнү жатат жана мугалим тарабынан сабакка кандай максат коюлуп отурат, алгач мына ушуну көңүлгө алуу керек. Баарыдан мурда окуучунун аң-сезимине, логикалык ойлонуусуна багытталган лекциялар да жолугат. Бул – теориялык-адабий темалардагы лекциялар. Аны угуу маалында ар кыл жазуу иштери: планды, тезистерди, конспектини түзүү алып барылат. Жазуу жумуштары обзордук теманы кабылдоодо да жүргүзүлөт. Ошондой эле лекцияга айрым учурда тексттен үзүндүнү көркөм окуу, музыкалык чыгармаларды уктуруу сыяктуу искусство чыгармалары менен тааныштыруунун башка да түрлөрү камтыла кетет. Бул учур аларды ички жан-дүйнөң менен кабылдоого зарыл болгону үчүн маанилүү.

Эмоцияга басым коюлган лекциялар да бар, мисалы, замандаштарынын эскерүүлөрүнөн үзүндүлөрдү, каттарды окуп берүү менен акын Аалы Токомбаевдин өмүрүнүн акыркы жылдары тууралуу аңгеме, же болбосо А.Осмоновдун жашоодогу каармандыгы, бийик оптимизми жөнүндөгү баян ж.б. Мындай лекциянын максаты – сезимди ойготуу, ынандыруу. Бул учурда окуучулар жазбай, угуп отурганы ылайык: конспектилейт элем, жазат элем деп алаксыганда, мугалимдин сөзү өзүнүн эмоционалдык-эстетикалык таасирин жоготуп коюшу мүмкүн. Мындай лекцияны алып барууда өтүлгөн материалды бышыктоо максатында сабактын акырында окуучуларга атайын даярдалган проблемалык суроолорго жооп табуу сунушталышы ыктымал.

Өтүлүп жаткан материалдан камтылган ойлордун эң башкысын аныктай билүү, аны деңгээлинен түшүрбөй кайра айтып берүү, талдоо, жеңил жана татаал пландын түзүлүшү, конспектилөө, угулганга оозеки жана жазуу үлгүсүндө жооп

даярдоо – мына ушунун баары сабактын натыйжалуу чыгышына көмөкчү болот. Кандай болгон күндө да окуучулар жөн гана пассивдүү угуучу болбой, өтүлүп жаткан темага карата өздөрүнүн жекече пикирлери, талдоолору менен сабакка жигердүү катышуулары керек, ошондо гана кыргыз адабиятынан лекция-сабагынын жигердүү формасын түзүүгө, инновацияланышына жетишүү мүмкүн.

Инновацияланган жигердүү лекция-сабагы маалында кыргыз адабияты мугалими жаңы теманы өздөштүрүүгө делинген 30–35 мүнөт ичи тынымсыз жалгыз өзү сүйлөөсү менен чектелбеши керек. Кез-кези менен окуучуларды жаңы окуу материалын биргелешип өздөштүрүүгө тартып, суроолорду берип жандандырганы ылайык. Албетте, кызыктуу айтылып, бир тараптуу тааныштырылган лекция-сабак өзүнчө мыкты жактары бардыр, ошентсе да мындай лекция-сабактын окуучулардын жандуу катышуусу менен жигердүү сабак формасында алып барылышы сабактын натыйжалуулугун кыйла арттырарына ишеним чоң. Мында өз оюн, көз караш-позициясын тартынбай айтып чыгуу, аны жанталашып коргоо көндүмүнүн калыптанганы эле оңой жетишкендиктерден эмес.

Ошондой эле инновациялоонун өзгөчөлүү бир көрүнүшү болуп орто мектепте кыргыз адабиятынан жигердүү **семинар-сабагынын өтүлүшү** эсептелинет. Мында төмөндөгү маселелердин чечмелениши көңүлгө алынат:

1) Кыргыз адабиятынан мектептик семинардын өзгөчөлүгү.

2) Семинар-сабакта иштөө үчүн зарыл көндүмдөрдү калыптандыруу.

а) Көркөм чыгарманы толук кабылдай билүү көндүмү.

б) Лирикалык чыгарманын талданышы.

в) Эпикалык чыгарманын эпизодунун талданышы.

г) Китеп менен иштөө көндүмү.

д) Оозеки, жазуу түрүндөгү жумуштарды бүткөрүү көндүмү.

е) Баяндаманын үстүндө иштөө.

Адатта «семинар-сабак» дегенде биз жогорку окуу жайында лекция учурунда өтүлгөн материалдарды ар бир окуу топтору менен өз-өзүнчө бышыктоо, тереңдетип өздөштүрүү сабактарын түшүнөбүз. Мында берилген тапшырмалардын негизинде көбүнчөсү студенттер сүйлөп, өздөрүнүн сабакка болгон даярдык деңгээлин көрсөтүшөт, окутуучу болсо, алардын айтканын угат, жалпылап корутундулайт жана сабактын жалпы жүрүшүнө багыт берип турат. Жогорку окуу жайынын жөнү го түшүнүктүү, ушунда семинар-сабактын мектептеги орду канчалык?, аны мектепте өтүүнүн, сабак формасы катары колдонуунун зарылдыгы барбы?, деги ал мектептеги башка сабактардан эмнеси менен айырмаланат? – деген суроолор туулат. Жигердүүлүктү, өз алдынчалуулукту аракатке келтирүү – мектептеги ар бир сабактын милдети. Мектеп окуучуларды өз алдынчалуу ишмердүүлүккө даярдайт. Жогорку класста окуучулар өздөрүн чоң сезип, «мектептик» окутуу формасын өгөйлөй баштаганында семинар-сабактын демейки сабактардын артыкчылыгы байкалат.

Жогорку класстын окуучуларында өз алдынчалуулукка умтулуу, коюлган милдетке болгон жогорулатылган жоопкерчиликти сезүү менен катар, өздөрүнүн ички жөндөмдүүлүктөрүн ойготуу, жандандыруу зарылдыгы келип чыгат. Семинар-сабак мына ушул сапаттардын аракетке келишине көмөкчү болот, неге дегенде мында демейки сабактагыга караганда кыйла чоң өз алдынчалуулук талап кылынат, үйдө же мурдагы сабактарда бүткөрүлгөн татаал жана узак мөөнөттүү чыгармачылык ишмердүүлүктүн натыйжалары ортого алып чыгылат.

Мектептеги семинар кандай болушу керек? Бир караганда баары ордунда сыяктанат: окуучулар даярдаган баяндамаларын (докладдарын), рефераттарын окуп атышат, мугалим угулганга комментарий берет, баалайт. Дагы эмне керек? Чынында бул рефераттар менен баяндамалар «өз алдынчалуу» көчүрүп даярдалуудан жана класста

окуучулар алдында үн чыгарып окулганынан тышкары өз алдынчалуу чыгармачыл ой эмгегинин жыйынтыгы да болушу керек. Сүйлөп чыгууга даярданып жатып, окуучу китеп менен иштей билүү, окулганды анализдөө, баяндама үчүн башкы нерсени жана керектүүнү тандап алуу, аларды жөнгө салуу, өз оюн кагазды карабай айтуу, угуучулар менен байланыш түзүү, суроолорго жооп берүү сыяктуу иштиктүү көндүмдөргө ээ болуусу зарыл.

Деги кыргыз адабияты боюнча мектептик семинар-сабак башка адабият сабактарынан эмнеси менен айырмаланат? Баарыдан мурда басымдуу изилдөөчүлүк мүнөздө өтүлчү семинар-сабакка жакшылап даярдануу керек. Ага даярдык көрүүдө адабият мугалими окуучулардын инсандык жекече өзгөчөлүктөрүнө таянып, алардын кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен милдеттерди туура бөлүштүрүүсү ылайык. Кыргыз адабиятынан сабак-семинарга бардык окуучулар даярданып, ар биринин ага катышуу үлүшү өзүнчө болот. Мында жекече (адабий туундунун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн, композициялык курулушун талдоого даярдык, проблема, баяндама ж.б. маселелер тууралуу өз жеке пикирин иштеп чыгуу) жана жалпы тапшырмалардын (баяндаманын, стенддин даярдалышы, адабияттарды издөө, адис менен болчу интервью ж.б.) берилиши пайдаланылат. Эгер демейки сабакта бардык окуучулар бардык суроого жооп берүүгө, даярданууга милдеттүү болушса, ал эми сабак-семинарда ар ким өзүнүн тапшырмасына гана жооп берет, окуучу үчүн жоопкерчилик да кыйла реалдуу.

Арийне, ушундай сабак-семинарга катышуу окуучудан окутуу процессиндеги өзүнө таандык ордун, жекече пикирин аныктоону, жөндөмдүүлүктөрүн аракетке келтирүүнү талап этет. Сабак-семинардын башкы максаты –өзүнүн жекече сапаттарын ар тараптуу ачуу менен катар, өз алдынча эмгектенүү, проблеманын чечилишин издөө көндүмдөрүн калыптандыруу. Албетте, буга башка сабактарда да умтулуу керек, бирок баары бир сабактын семинар формасы калгандарына, мисалы, лекцияга караганда кыйла чоң даражада ар бир окуучунун мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруу, өз алдынча таанып билүү жана чыгармачылыгы үчүн кыйла жагымдуу шарттарды түзөт.

Сабак-семинардын (ишмердүүлүктүн мүнөзү боюнча) негизги үч түрүн бөлүп көрсөтүүгө болот: 1) окуучулардын мурдатан коюлган суроолор боюнча чыгып сүйлөөсү жана окулган баяндаманы, андагы проблеманын өзүн талкуулоо; 2) окуучулардын рефераттарын, баяндамаларын (докладдарын) талкуулоо; 3) диспут.

**Билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Бүгүнкү күндөгү мектептик окутуунун негизги максаты эмнеде?
2. Окутууга карата жаңыча инновациялык мамиле мектеп окуучусу үчүн эмне мүмкүнчүлүктөрдү берет?
3. Инновацияга, инновациялык окутууга проф. Ж.Чыманов кандай аныктама берет?
4. Деги билим берүүдөгү инновация, педагогикалык инновация деген эмне? Инновациялык көрүнүш катары окутуу методикасынан кандай мисалдарды келтире аласың?
5. Бүгүнкү студент, эртеңки кыргыз адабияты мугалимдери кандай сапаттарга ээ болуулары керек?
6. Инновациялык окутуунун актуалдуулугу эмнелерден турат?
7. Инновациялык окутуунун негизги максаттары болуп кайсылар эсептелишет?
8. Адабиятты инновациялык окутуунун өзгөчөлүгү болуп эмнелер эсептелишет?
9. Адабиятты – кыргыз адабиятын инновациялап окутуунун негизинде кандай технологиялар орун алган?
10. Деги лекция-сабакты жигердүү сабак формасы катары кароого болобу? Ал канткенде инновацияланышы мүмкүн?

11. Мектеп лекциясынын өзгөчөлүгү эмнеден көрүнөт?
12. Лекция учурундагы окуучулардын ишмердүүлүгү кандай үч башка формага ээ?
13. Лекция-сабагынын натыйжалуу чыгышына көмөк болчу каражаттар кайсылар?
14. Мектепте жигердүү семинар-сабагын өтүүдө кандай маселелердин чечмелениши көңүлгө алынат?
15. Семинар-сабакта сүйлөөгө даярданып жатып, окуучу кандай иштиктүү көндүмдөргө ээ болуусу зарыл?
16. Кыргыз адабияты боюнча мектептик семинар-сабак башка адабият сабактарынан эмнеси менен айырмаланат?
17. Сабак-семинардын башкы максаты эмне?
18. Сабак-семинардын кандай негизги үч түрүн атай аласыңар?

Жыйынтыктасак, кыргыз адабияты боюнча мектептик билим берүүгө анча мүнөздүү эмес семинар-сабакты мектепте чебердик менен колдонууну демейки өтүлгөндү бышыктоо, бекемдөө сабагын инновациялоонун бир көрүнүшү катары караса болот.

**Адабияттар:**


1. Алексеева М.А.Преподавание литературы: образовательные технологии. Учебно-методическое пособие. – Екатеринбург: Издательствово Уральского университета, 2014. – 100 с.
2. Загвязинский В. И. Инновационные процессы в образовании и педагогическая наука // Инновационные процессы в образовании: Сборник научных трудов. – Тюмень, 1990.
3. Инновации и современные технологии в системе образования. Материалы II Международной научно-практической конференции 20–21 февраля 2012 года. – Пенза–Ереван–Шадринск: Научно-изд. центр «Социосфера», 2012. – 388 с.
4. Инновационное обучение: стратегия и практика. Под редакциейВ.Я.Ляудис. – М., 1994.
5. Инновационные подходы к обучению литературе и русскому языку. Материалы научно-методической конференции. Под общей редакцией А.В.Урманова. – Благовещенск: Изд-во БГПУ, 2004. – 200 с.
6. Инновационные технологии в образовании. Материалы IV Международной научно-практической видеоконференции (г. Тюмень, 30 ноября 2016 года) / Под ред. С.М.Моор. – Тюмень: ТИУ, 2017. – 216 с.
7. Ксензова Г.Ю. Инновационные технологии обучения и воспитания школьников: Учебное пособие. – М., 2005.
8. Михелькевич В.Н. Инновационные педагогические технологии: Учебное пособие. – Самара, СГТУ, 2001.
9. Морозов Е.П., Пидкасистый П. И. Подготовка учителя к инновационной деятельности // Советская педагогика. – 1991. – № 1.
10. Педагогика. Учебное пособие для студентов пед. институтов / Под ред. Ю.К.Бабанского. − М.: Просвещение, 1983. − 608 с.
11. Педагогикалык изденүү.Түзгөн И.Н. Баженова; Которгондор И.Бекбоев ж.б. – Ф.: Педагогика, 1989. – 608 б.

**Рысбаев С.К.,**

*педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясы.*

# САБАКТА ОКУУЧУНУН БИЛИМИ МЕНЕН МАШЫГУУЛАРЫН ДЕҢГЭЭЛДИК НЕГИЗДЕ БЫШЫКТООДО АТКАРЫЛУУЧУ МЕТОДИКАЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕР

**Рысбаев С.К.,**

*доктор педагогических наук, профессор, Кыргызская академия образования.*

# МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ МЕРОПРИЯТИЯ ДЛЯ УРОВНЕВОГО УКРЕПЛЕНИЯ ЗНАНИЙ И УПРАЖНЕНИЙ ШКОЛЬНИКОВ НА УРОКЕ

**Rysbaev S.K.,**

*Doctor of Pedagogy, Professor, Kyrgyz Academy of Education.*

# METHODOLOGICAL MEASURES FOR LEVEL STRENGTHENING OF KNOWLEDGE AND EXERCISE OF SCHOOLS IN THE LESSON

**Аннотация:** *Бул макалада сабакта окуучунун билими менен машыгууларын деңгээлдик негизде бышыктоодо аткарылуучу методикалык иш-аракеттер тууралуу кеп болот. Бул негизги педагогикалык жоболор өтүлгөн жаңы сабак боюнча окуучунун компетенттүүлүктөрүн, көндүм-адаттарын, илимий билимдерин бекемдөөчү методикалык каражаттар болуп санала тургандыгы жөнүндө кеңири маалымат берилет.*

**Түйүндүү сөздөр:** *кайталап бышыктоо, көнүгүп бышыктоо жана чыгармачылык менен бышыктоо, практикада колдонуп бышыктоо, өз алдынча бышыктоо, аңгемелешип бышыктоо.*

**Аннотация:** *В данной статье речь пойдет о методических действиях, выполняемых на основе уровневого закрепления знаний и навыков учащегося на уроке. Данные основные педагогические положения являются методическими средствами укрепления компетентности, навыков, научных знаний учащихся по новому уроку.*

**Ключевые слова:** *укрепление повторением, укрепление занятием и творческое закрепление, закрепление знаний с использованием на практике, самостоятельное закрепление, укрепление беседованием.*

**Abstract:** *This article will focus on the methodological actions performed on the basis of level consolidation of knowledge and skills of the student in the classroom. These basic pedagogical provisions are methodological tools for strengthening the competence, skills, and scientific knowledge of students in a new lesson.*

**Key words:** *strengthening by repetition, strengthening by occupation and creative consolidation, consolidation of knowledge using in practice, independent consolidation, strengthening by conversation.*

Педагогиканын теориясында айтылгандай, сабакты бышыктоонун үч негизги түрү бар экендиги белгилүү. Алар төмөндөгүчө: кайталап бышыктоо, көнүгүп бышыктоо жана чыгармачылык менен бышыктоо. (Китепте: Педагогика школы. – Москва: Просвещение, 1980. –78-б.). Бул негизги педагогикалык жоболор өтүлгөн жаңы сабак боюнча окуучунун компетенттүүлүктөрүн, көндүм-адаттарын, илимий билимдерин бекемдөөчү методикалык каражаттар болуп саналат. Күндөлүк практикада бышыктоонун дагы да башка түрлөрү кездешүүдө. Ал өтүлгөн жаңы сабакты: суроо-жооп менен аңгемелешип бышыктоо, үйрөнгөнүн практикада колдонуп бышыктоо, өтүлгөн жаңы сабак

боюнча окуучулардын көндүмдөрүн, илимий билимдерин чыгармачылык менен бышыктоо, корутундулап жана жыйынтыктап бышыктоо.

Бышыктоонун мындай түрлөрү бири-бирин толуктоочу, шарттоочу, окутуу, билим берүү ишиндеги системалуу методикалык процесс болуп эсептелет.

**Маалыматтык бышыктоо:**

**Суроо-жооп менен аңгемелешип бышыктоо**

Суроо-жооптор менен аңгемелешип бышыктоо – жаңы алган билимди бышыктоонун алгачкы этабы болуп аталат. Андан кийин бышыктоонун башка формаларына өтсө болот. Мисалы, кайталап бышыктоо, (окуучуну доскага чыгарып, өтүлгөн сабакты кайталап айттыруу), же жазуу сабактарында аткарылуучу – көнүгүп бышыктоо (көнүгүү иштөө, же болбосо, чыгармачылык менен бышыктоо – проблемалык жагдайларды түзүү менен өтүлгөн сабакка анализ жүргүзүү, окуучуларды ойлонтууга, урунттуу маселелерди өз алдынча ойлонуп чечүүгө көнүктүрүү, ага багыт берүү) жумуштары жүргү-зүлөт.

Эске сала кетүүчү нерсе: билимди бышыктоонун мындай формалары бир эле сабактарда биринин артынан бири колдонула бербеси түшүнүктүү. Алар, башкача айтканда, бышыктоонун ар бир формасы өтүлгөн сабактын мүнөзүнө жараша мугалимдин чыгармачылык чеберчилигине жараша чечилет. «Жеңил» деп аталган темалар өзүнчө ыкма менен, «татаал» деп белгиленген темалар пробле-малуу ой жүргүзө турган, турмуштук материалдар менен айкалаштырып, не бир кызыктуу, чыгармачылык менен уюштурулуп өзүнчө жагдайда бышыкталат.

Сабактын ар этабында окуучу менен мугалимдин аңгемелешүүсү жүргүзүлөт. Ошол себептүү **аңгемелешип бышыктоо** – билимди бышыктоонун эң эле ийкемдүү ыкмасы. Аңгемелешүү аркылуу мугалим окуучусунун ой жүгүргүүсүн өстүрүүгө жана ой бүтүмдөрүн чыгарууга жардамдаша алат. Аңгемелешүү жолу менен сабакка терең анализ да берилет, анализден синтез чыгарылат. Ошондой эле бышыктоонун бул түрүндө эркин талашуулар, айрым бир урунттуу маселени талкуулоолор, мугалимдин суроосуна окуучу, окуучусунун суроосуна мугалим жооп берип, өтүлгөн тема боюнча кеңири маектешүүлөр ишке ашат. Албетте, кеңири сүйлөшүүгө ар качан 45 мүнөттүк убакыт жете бербейт, ошондо да мугалим бышыктоону алдыртан туура пландаштырып, ага жараша убакыт утуп алса болот.

Үйрөнгөнүн практикада колдонуп бышыктоо кантип ишке ашат?

Бышыктоонун бул түрү күндөлүк практика үчүн эң пайдалуу- деп белгилөөгө болот. Анткени, мында окуучунун теориялык маалыматтуулугун текшерүү менен эмес, үйрөнгөнүн практика жүзүндө колдонуп жатыгуусун текшерүү жана андай жатыгуусун бекемдөө жүзөгө ашырылмакчы. Мында төмөндөгүдөй иш-аракеттер аткарылат:

– эрежеге ылайык мисал келтиришип, аны далилдешет;

– үйрөнгөн үлгүлөргө жараша сүйлөм түзүшөт;

– үлгүгө жараша сүйлөм талдашат;

– үлгүгө жараша текст түзүшөт;

– текст түзүп, андан үйрөнгөн грамматикалык формаларды табышат, талдашат;

– сабактын максатына жараша практикалык иштер аткарылат;

– үйрөнгөнүн турмушта колдонууга машыктырылат;

– темага жараша окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүнө ылайык дифференцирленген иштер аткарылат;

– окуучунун өз тажрыйбасын өркүндөтүү иштери жүргүзүлөт.

**Чыгармачылык менен бышыктоо**

Алган билимди **чыгармачылык менен бышыктоонун** маанисин айтпаса да түшүнүктүү. Бышыктоонун бул түрү жазуу сабактарында да, оозеки сабактарында жүргүзүлөт. Бул убакта мугалим жаңы теманын үстүндө проблемалуу ой жүгүртүү жагдайларын түзүп берип, аларды проблемалуу суроолорго жооп издөөгө багыт берет, сүрөмөлөп, ойлонтуп, түпкү натыйжаны табууга жетишүүгө мүмкүн.

Бул мезгилде окуучу менен мугалим тема, образ, идеялар боюнча жаңыча ой жүгүртүп, аларды талдоонун, изилдөөнүн жаңы ыкмаларын колдонуулары, табуулары мүмкүн. Бул өзгөчө жазуу сабактарында да көрүнөт. Атап айтканда, мисалдарды келтирүүдө, көнүгүүлөрдү талдоодо түрдүү ыкмаларды пайдалануу – мугалимдин чеберчилигине, окуучунун өздөштүрүү жөндөмүнө жараша болот.

**Корутундулап бышыктоо**

Алган билимди корутундулоо жумушу сабактын акырында теманы мыкты өздөштүргөн окуучунун же мугалимдин кыскача баяндалган сөзү менен жүгүзүлсө болот. Сабакты корутундулоо – жыйынтыктуу ойго келүү дегендик, ошон үчүн бышыктоонун бул түрү ар убакта керек болуп саналат. Биз бүгүнкү күндө, сабакты кортундулоону сабактын структурасынын өзүнчө бир этабы да, билимди бышыктоонун дагы бир ыкмасы катары да карап жүргөнүбүз туура. Анткени, бышыктоонун бул түрүндө мугалим жаңы тема менен мурдагы өтүлгөн теманы кайрадан байланыштырып, экөөндөгү бирдиктүү ой аркылуу окуучунун системалуу ой жүгүртүүсүн дагы бир жолу бекемдей алат.

**Өз алдынча бышыктоо**

Бышыктоонун бул түрүн бардык эле окуучулар менен жүргүзүүгө болбойт, ага чыгармачыл, жөндөмдүү окуучулар тартылышы мүмкүн. Анткени ал - башкалардан кыйла айырмалуу иш-аракеттер менен коштолот. Мындай өз алдынча бышыктоо иши-мугалимдин көрсөтмөлөрү аркылуу эмес, окуучунун өз алдынчалуулугу аркылуу, сабактан тышкаркы иштерге ынтызарлыгы, анан да сабактын мазмуну менен чектелбеген түрдө, андан кыйла кеңири мазмунда жана формада аткарылат.

Биринчиден, окуучу окуу китеп менен гана чектелбейт. Темага ылайык башка адабияттарды, булактарды, т.а. маалымдамаларды, энциклопедияларды, хрестоматияларды, антологияларды, илимий-көркөм адабияттарды, газета, журналдарды пайдаланышып, окуучулар сабактагы темага ылайык бай материалдарды чогултууга аракеттенишет.

Экинчиден, мугалимдин берген маалыматтары таяныч материал катары гана эсептелинет да, окуучу билимин сабакта айтылган ойлордон сырткаркы маалыматтар менен байытат.

Мисалы, тил сабагында сөздүн маанисин чечмелөө, этимологиясын издөө ж.б. сыяктуу иштер аткарылса, адабият сабагында башка жазуучу-акын менен салыштыруу, тематикалык окшоштуктарды издөө, инсценировкалоо, класстан тышкаркы иштерди уюштуруу ж.б. жумуштарды аткаруу менен коштолушу ыктымал.

Үчүнчүдөн, бышыктоонун бул түрү түрдүү формада, класста же китепканада, балким сабактан кийин үйдө эркин түрдө аткарылмакчы.

**Сабакты жыйынтыктоо**

Мугалим күндө сабагын жыйынтыктап жатып, окуучулары менен мындай суроо-жооп иштерин өткөрсө максатка ылайык келмек:

*1.* Биз бүгүнкү сабактан эмнелерди үйрөндүк? Анын негизгилери кайсы?

*2.* Биз бүгүнкү сабакта эмнелерге машыктык? Анын негизгилери кайсы?

Окуучулар бул суроолорго жооп табуу аркылуу сабакта алган негизги теориялык билимдери менен практикалык машыгууларынын негизгилерин таап-тактап ойлонушат да, ээ болгон машыгууларын конкреттештирет.

**Деңгээлдик билим шартында мугалим күндөлүк сабагынын планын кантип түзсө болот?**

Методика илиминде: «Сабак эмнеден башталат?» деген суроо бар. Ал суроого илимпоздор «Сабак максатын аныктоодон башталат» деп жооп беришет. Албетте, сабак максатсыз болбойт, максат так коюлбаса, мугалимдин бардык аракети талаага кетет. Андыктан, мугалим сабагын баштоо алдында анын дидактикалык максатын так аныктоосу талап кылынат. Ал кандай максаттар? Алар дамаамат бизге маалым болгондой, дидактикалык үч багытты көздөгөн айкын максаттар: билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялоочулук максаттар. Ошого жараша «ар бир предмет балага өз каражаттары аркылуу билим берет, өнүктүрөт жана тарбиялайт» (И.Бекбоев). Бул үч максатты бири-биринен бөлүп кароого болбойт. Кайсы гана окуу предмети болбосун, тигил же бул окуу материалы аркылуу балага билим берүү менен бирге өнүктүрөт, өнүктүрүү аркылуу тарбия берет. Демек, бала бир эле учурда сабакта алган маалыматтарды практикада колдонуу менен билимдүү болот, аны колдонуп жатып акыл –эс иш аракети өнүгөт, сезимине, психологиясына таасир этүү менен тарбия алат.

Бул дидактикалык максаттарды жаңы окуу материалдарын өздөштүрүүнүн негизинде ээ болуучу компетенттүүлүктөр менен алмаштырууга болбойт. Компетенциялар- окуу материалдарын өздөштүрүүдө талап кылынуучу билим, билгичтик жана машыгуулардын жыйындысы болсо, «компетенттүүлүк –ал билимге, билгичтикке жана жаттыгууларга ишмердиктин негизинде ээ болуу менен, аны практикада колдоно алуу» (А.В.Хуторский). Демек, сабактын алдына коюлуучу дидактиалык үч максат мына ушул компетенттүүлүктөргө окуучуну ээ кылуу менен жыйынтыкталат-деп түшүнсөк болот.

Предметтик стандарттарда белгиленип жаткан түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн да дидактикалык чоң кызматтары бар. Анткени аларда белгиленген компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар - баары биригип келип, сабактын максатын жүзөгө ашырууга алып барганда гана стандарттын талаптары ишке ашкан болот. Бул жерде бир нерсеге көңүл буруубуз керек: мектеп балага билим берүү менен, коомдун талабын канааттандырат жана баланы билимдүү, өнүккөн жана тарбиялуу инсан кылып тарбиялоо менен кайрадан коомго «өткөрүп берет», т.а. баланы турмушка даярдайт. Ошол сыяктуу стандартта белгиленген түйүндүү компетенциялар- бул, коомдун-социалдык талабын элестетет. Ал талаптар предметтик компетенттүүлүктөр аркылуу баланы керектүү теориялык билимге жана жана практикалык машыгууларга ээ кылуу менен, мектеп өз милдетин аткарат жана андан ары окуучу «компетенттүү бүтүрүүчү» болуу менен турмуш жолуна аттанат. Мына ушундан улам, мындай корутундуга келсек болот: түйүндүү компетенциялар-предметтик компетенттүүлүккө айланат, андан ары- предметтик компетенттүүлүк –түйүндүү компетенцияларга кайрадан өтүү менен, коомдук-социалдык талапты андан ары жаңылайт.

Мына ушул маанилүү коомдук-социалдык талаптар тигил же бул окуу предметтери аркылуу жөнөкөй эле мугалимдин сабагы аркылуу турмушка ашат. Андыктан, мына ошол жөнөкөй эле мугалимдин ар бир сабагы улуу идеяларды алдына максат кылып коёт, ал «улуу идеяларсыз- улуу иштерди жасоого болбойт» (Ч.Айтматов).

Албетте, практикада сабактын бир нече тиби колдонулат, алар: жаңы билим берүүчү сабак, алган билимди бышыктоочу сабак, алган билимдин үстүндөгү көнүгүү, машыгуу сабагы, главалар же чейректерге жараша кайталоо, же текшерүү сабактары, соңунда мына ушул иш- аракеттердин баарын синтездеп турган бириктирилген (же аралаш) сабактар болуп саналат. Булардын ар биринин өз алдына койгон милдеттери бар, ал милдеттер өзүнүн аталышы айтып тургандай, ар жактуу ишмердүүлүктү аткарууга багытталат. Андагы ишмердүүлүктөрдүн өзү- натыйжада стандарт талап кылган компетенцияларды жүзөгө ашырууга барып такалат.

Дагы бир көңүл буруучу нерсе-бул, сабактын ички логикалык этаптары же аткарылуучу иш-аракеттердин системасы. Алар бириктирилген же аралаш сабактын мисалында алсак, төмөндөгүдөй мүнөздөлөрү белгилүү. Мисалы: уюштуруу этабы, үй тапшырманы кайталоо жана жаңы сабакка багыттоо этабы, жаңы теманы түшүндүрүү этабы, андан соң жаңы сабакты бышыктоо этабы (Мамбетакунов Э.М, Чыманов Ж.А.) менен логикалык жыйынтыкка келүү жана окуучунун өз алдынчалуу ишин уюштурууга багыт берүүчү үйгө тапшырма берүү этабы.

Көпчүлүк мугалимдер окуучунун үйгө берилген тапшырманы туура аткарып келүүсүнө айрыкча көңүл бөлөт да, аны текшерүү менен баа коюуга жана жаңы сабакты «жакшылап» түшүндүрүүгө гана айрыкча маани берип келишет. Эгерде, мугалим сабагынын алдында: «Менин бүгүнкү сабагымдан окуучу эмне алат? Окуучу аны турмушунда кайсы кырдаалда колдонот? Мен ага окуучуну кантип машыктырам?» деп ойлонгон болсо, анда мугалим негизги көңүлүн жана бардык иш-аракетин сабакта алган билимди бышыктоого басым коюуга тийиш эле. Ишенип коёлу, эгер бышыктоо иши максаттуу түрдө ишке ашпаган болсо, сабактагы алган маалыматтар билимге айланбаган боюнча, маалыматтардын топтому бойдон кала бермекчи. Ушул негизде айткыбыз келер эле - мүмкүн болушунча, мугалим жаңы сабагынын мазмунун эң кыска убакта түшүндүрүп, ошонун эсебинен уткан убакытты жаңы сабакта алган билимди бышыктоого бөлүп, окуучунун практикалык машыгуусун жетишерлик жүргүзүүсү кажет.

Ошондуктан мугалим сабакты бышыктоо ишин төмөндөгүдөй багыттарда уюштурууга тийиш: маалыматка ээ болуусунун деңгээлин бышыктоо, (маалыматтык бышыктоо), аны практикада колдоно билүүсүн бышыктоо (колдонуп бышыктоо), алган билими аркылуу проблемалуу жагдайды чечип бышыктоо, (проблемалык бышыктоо) жана өз чыгармачылыгын көрсөтүп бышыктоо (чыгармачыл бышыктоо). Бышыктоонун бул ыкмалары окуучуларды жаңы алган билимдин бекем болушуна шарт түзөт, т.а. окуучу жаңы алган билимин практикада колдонот, колдонуу процессинде түзүлгөн проблемалуу жагдайды чечет, андан ары өз чыгармачылыгын көрсөтөт.

Бул төрт түрдүү ишмердик аракеттер- төрт баскычтан турган өз алдынча таксономияны элестетет же болбосо, төрт деңгээлди туюнтат да жана окуучунун алдына төрт түрдүү чоң талапты коюп отурат. Эми бул төрт баскычка, же төрт деңгээлге, же болбосо, аталган төрт талапка класста мугалимдин жетеги менен машыктырылат да, окуучунун өз алдынча ишмердиги кезинде (үйдө иштөөдө) андан ары улантылат жана кийинки сабакта үй тапшырмасын кайталоодо негизги таяныч да, негизги багыттар да, талаптар катары да болуп берет. Тактап айтканда, мугалим окуучуну эмнеге машыктырса, эми ошону окуучудан талап кылат. Окуучунун ошол багыттардагы жооптору- эми ага баа коюудагы –критерийлер катары көңүлгө алынат, т.а. баланын маалыматтуулугу, аны практикада колдоно алуусу, проблемалуу жагдайды чечүүсү жана чыгармачылыгын көрсөтө алуусу. Бул критерийлер окуучунун билимин суммативдүү баалоодогу эң негизги таянычтар болуп калат.

Окуучунун алган билимин мына ушундай багыттарда бышыктоо, ага жараша андан талап кылуу жана билимин баалоодо аны критерий катары колдонуу- окуучунун акыл эмгегин уюштуруунун да, баланын системалуу жеке практикасын бекемдөөнүн да, өздүк тажрыйбасын жаратуунун да илимий негизде болуусун пландуу түрдө аныктайт. Ошону менен бирге, сабактын уюштуруу формасы, сабакта колдонулуучу методдор, принциптер жана каражаттар, сабактын жабдылышы, максатка жетүүдөгү мугалим менен окуучунун көрсөткүчтөрү, баары сабактын планынын өзөгүн түзүүгө тийиш.

Баса, дагы бир орчундуу маселе: биз соңку кездерде көңүлгө алып келаткан нерсе- сабактын максатынын окуучу тарабынан коюлуусу туурасындагы ойлор. Албетте, максат мугалим тарабынан да, окуучу тарабынан да коюлуусу

тийиш. Анткени, мугалим дагы сабактын дидактикалык максатына жетүүсү үчүн өз алдына бир нече иш-аракеттердин системасын мерчемдеп алат жана ага жетүүнүн көрсөткүчтөрүн да алдын ала мерчемдейт. Ошол эле учурда, мугалим окуучусунун да жетише турган максаттарын да ачык –даана элестетип, ага жетүүдөгү көрсөткүчтөрү менен ээ болуучу компетенттүүлүктөрдү сөзсүз түрдө айкын баамдап-байкап көрө билүүсү тийиш. (Мына ушуну- максатты окуучу тарабынан коюлду деп эсептеп жүрөбүз.) Андай болсо, мугалим окуучусунун алдына мерчемделген иш-аракеттерге жетүүнүн бардык шарттарын түзүүсү керек. Ошондо гана мугалимдин сабагы- жогоруда айткандай, «Менин бүгүнкү сабагымдан окуучу эмне алат? Окуучу аны турмушунда кайсы кырдаалда колдонот? Мен ага окуучуну кантип машыктырам?» деген проблемалуу суроолорунун толук жоопторун тапмакчы.

Төмөндө мына ушундай идеяларды камтыган мугалимдин күндөлүк сабактарынын, сабактын типтерине ылайык, болгону ар биринин эки беттен турган кыскача планынын үлгүсүн сунуштоону ылайык көрдүк.

Биринчиден, планда көңүл бөлүүчү үч нерсе бар, алар: сабактын максаты жана анын көрсөткүчтөрү, андан улам жетишилген натыйжалар, натыйжалардан соң окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдүн логикалык удаалаштыгы;

Экинчиден, сабактагы жаңылык маселеси, окуучунун жаңылыкты ачуусу. Бул-эмне дегендик? Улам жаңы сабакта жаңы маалыматтар камтылат, албетте алар мугалимге жанылык эмес, окуучу үчүн жаңылык, аны окуучу сезүүсү керек. Сабакта аны окуучу сезүү менен, жанылыкты ачуусу керек, болгондо да, практикада колдонуу менен же, проблемалуу жагдайды чечүү менен же, чыгармачылыгын көргөзүү менен жаңылыкты ачуусу керек, албетте, өзү үчүн. Бул жаңылыктар окуучуну алга сүрөйт жана аны андан ары өнүктүрөт, өркүндөтөт. Албетте, ишмердүүлүк аркылуу өнүктүрөт жана өркүндөтөт. Мугалим муну сезип, жана аны дамаамат колдоп, алга сүрөп туруусу керек.

Үчүнчүдөн, ар бир сабактагы ушундай методикалык иш-аракеттердин системасы аркылуу «окуучунун өз тажрыйбасын түзүү жана ага ээ кылуу, окуучунун ошол тажрыйбасына таянып иштөө. Окуучунун мындай тажрыйбасы- системалуу узак ишмердик аркылуу гана түптөлүп, түзүлөт.

Урматтуу мугалимдер, сиздерге сунуштаып отурган пландын өзөк идеясы мына ушулар. Аны практикада сынап, өз пикириңиздерди билдирсеңиздер болот.

**АРАЛАШ САБАКТЫН ПЛАНЫ**

**Сабактын аталышы:____________________________күнү_____айы_____жылы______**

**Аннотация:** *В статье "Место лиризма в повестях А.Стамова" отмечена роль лиризма и обновления эстетических критерий к художественному произведению. Отмечено, что фактор влияния лиризма в сюжетно-композиционный строй произведения создает благоприятную лирическую содержательность, подчеркивает особенность художественного текста.*
**Ключевые слова:** *лиризм, лирическая повесть, лирический герой, лирическое отступление, художественная деталь, экспрессивность, композиция.*

**Annotation**: *In the article «The place lyricism in A.Stamov's novels» is written the role of lyricism and upgrades the aesthetic criterion of a work of art . Noted, that the impact factor of lyricism in the plot-composite structure of the work provides a fertile lyrical richness, emphasizes the singularity of a literary text.*

**Key words:** *lyricism, lyric novel, lyric hero, lyric digression, artistic detail, expressiveness, composition.*

Адабиятчылар тарабынан повесть жанры XX кылымдын 60-жылдарынан бери карай кыргыз адабиятынын аренасын «артка калтырып», өзүнүн көркөм-эстетикалык табылгалары боюнча дүйнөлүк адабияттын алдыңкы сабында көркөм бийиктиктер менен ат салышып, айрым учурда алар менен «үзөңгүлөш» жүрүп өз доорунун көркөм чыгармачылыкка койгон талаптарын аткарып келгендиги айтылат [1]. Повесть жанры дал ушул жылдары болуп көрбөгөндөй сандык да, сапаттык да өсүшкө ээ болуп, улуттук сөз өнөрүнүн ошол заманга мүнөздүү социалдык-турмуштун татаал көрүнүштөрүн көркөм иликтеп, андагы философиялык, адеп-ахлактык проблемаларды элдин тагдырына байланыштуу карап, маанилүү деп саналган үмүт-тилектерин алдыңкы планга алып чыгып, алардан сызылып чыккан идеалдарды пропагандалап, келечекке карай ой жүгүртүүлөрүн, акыйкат үчүн айтылуучу турмуш кырдаалдардын асылдык сапаттарын жарыя кылууга, ал аркылуу көркөм табылга жаратууга аракеттеништи жана жетишишти. Элдин коомдук жана социалдык турмушун сүрөттөп берүү канчалык татаалданган сайын повесть жанрынын жаңы тарыхый сапаттык жаңылануга ээ болушу ар бир автордун чыгармачыл жеке аракети менен коштолуп, ал мазмундук жагынан адабий-көркөм өсүштү шарттап, ал өз кезегинде

көркөм-эстетикалык табылгаларды жаратып, бул болсо жанрдын адабий-теориялык жана адабий-эстетикалык жактан жаңычыл сапатын көрсөтүү менен адамды ар тараптан ачып туюндурууга, айрыкча анын жан дүйнөсүндөгү татаал кубулуштарды кыйчалыш мезгилде, окурман ынангыдай так-таасын сүрөттөөгө ээ болушту [2].

Жанрдын табиятын аныктоодо, же жазуучунун чеберчилигин көрсөтүүдө сюжеттик-композициялык элементтерди колдонуу, алардын ар биринин аткарган кызматын туура таап берүү, көркөм сөз каражаттарынын мүмкүнчүлүктөрүн так жана таасын пайдалануу маанилүү орунду ээлей тургандыгы такталды да, ар бир автор өз чыгармасында акылы менен баалап, жүрөгү менен аңдаштыра алган ык-формалардын негизинде өз чыгармасын окурмандарга сунуштады.

Мында сюжеттик-композициялык компоненттердей эле лиризм да маанилүү кызмат аткарганын танууга болбойт. Анткени бул мезгилде адамдын өзү башкы планга чыкты да, башка прозалык жанрлардай эле повесть адамдын татаал дүйнөсүн, өзгөчө эч кимге окшошпогон ички сезимдерин, өз ара мамилелерин, андан келип чыккан оң жана терс маанайын, психологиялык кубулуштарын окурманга баяндап жеткирүүдө лиризм болуп көрбөгөндөй кызмат аткарды. Ошол учурда жарык көргөн повесттер аныктагандай адамдын ички дүйнөсү башкы орунга чыкканы менен ал автоналдуу сүрөттөлбөстөн, анын коомдогу орду, саясий-социалдык кырдаалда айкындалуучу жарандык касиеттери, табият менен болгон байланыштары, акыры келип өзүн-өзү аңдаштыруусу, адеп-ахлактык, атуулдук-нравалык сапаттарынын ачылышы аркылуу көркөм туундулардын «көрөңгөсү» канчалык экенин баалоого мүмкүнчүлүк түздү. Маселен, А.Стамов лиризмди «Кеч күздө» повестинде журналист Акылбек Бектемировдун сүйүүдөн да, кызматтан да жолу болбогон татаал тагдырын көрсөтүүдө кеңири пайдаланса, «Чүй баяны», «Нөшөрдөн кийин» повесттеринде сүрөтчү Дыйканбектин адам катары калыптануусунда маанилүү роль ойногон жагдайларды, үй-бүлөлүк мамилелерди, жеке турмушундагы аруу сезимдерин, махабат түйшүктөрүн так-таасын көрсөтүүгө колдонот. Биринчи повестте лиризм каармандын турмушта ордун таппай жатышынын себептерин деталдаштырууда көркөм каражат катары гана милдет аткарса, кийинки эки повестте каармандын жан дүйнөсү анын жаран катары өсүп жетилүүсүнө зор таасирин тийгизе тургандыгын, ички лирикалык сезим чыгармачылык өнөрдүн калыптануусуна, же түп орду менен жоголуп кетүүсүнө негизги фактор катары кызмат кылуусу мүмкүн экендигин айкындап берет. Ошондой эле лиризм каармандын ички дүйнөсүнүн эволюциясын да негизги планга алып чыгат, бул боюнча адабиятчы К.Артыкбаев төмөнкүдөй жазат: «Дыйканбек сүрөтчү «Чүй баянында» эле адам катары калыптануу түйшүгүн биротоло өз башынан өткөрүп, жеке үй-бүлөлүк турмушунда көп өйдө-ылдыйлыктарга дуушар болот. Чыгармачылык эргүүсүн дүүлүктүрүп, фантазиясына дем берген татынакай сулуу Аруукеден ажыраганда Дыйканбектин сүрөтчүлүк шыгы аз убакытка жалп деп өчүп, аз-аз жерден турмуштун сыноосуна жендирип жибере жаздады. Бирок ошондой сыноолордон өтүп жатканда да Дыйканбек адамкерчилик асыл сапаттарынан кыйшайган жок, тескерисинче, акыйкатчыл, ак ниет, боорукер, ак көңүл бойдон кала берди… «Нөшөрдөн кийинде» Дыйканбектин бул сапаттары андан ары турмуштук жаңы кырдаалдарга байланыштуу ар тараптан тереңдетилет. Зилинде ак көңүл, боорукер, кең пейил Дыйканбек дүйнөкордун сазына белчесинен батып калган художник Аргынды андан сууруп чыгып, чыныгы искусствону жаратуунун даңгыр жолуна салып көрдү. Сүрөтчүлөр союзунун башкармасынын президиумунун мүчөлүгүнө өткөрүп, аны чоң ишенимдин ээси болуу деңгээлине чейин жеткирди. Бирок кыйышпас жолдошторчо казан-аяктары аралашып, жакшы тамактардан бөлүп жешип, канчалык камыр-жумур болуп биригишсе да, Дыйканбек Аргындын тарткан сүрөттөрүнүн кемчиликтерин көрмөксөн болуп, аны жымсалдап, чыныгы искусствонун алдында эки жүздүүлөргө мөлтүлдөтүп кармай албады, обьективдүү, принципиалдуу сын пикирлерин жашырбай ачык айтып жүрдү. Муну жардам берүү эмес – кастык кылуу деп түшүнгөн Аргын Дыйканбекке каршы колунан келген жаманчылыгын иштеп көрдү. Чыгармачылык иш боюнча бой тиреше албагандан кийин Дыйканбектин Нина жөнүндө ак пейилден айткан ымандай сырын өзүнүн ыплас кастыгына пайдаланып, Аргын эми Дыйканбектин үй-бүлөсүн бузуп, ыдыратып, ошол аркылуу өч алмак болду. Бирок, тилекке каршы,

Дыйканбектин жары Калемкан жана анын махабаты Нина Аргын ойлогондон алда канча бийик, жогору туруп коюшту. Аргын өзүнөн-өзү мыш болуп, же сүрөтчүлөр чөйрөсүнө жакпай, шүмшүк болгон бойдон кала берди» [3].

Адабиятчы К.Артыкбаев бул жерде сюжеттик окуяларга түшүндүрмө берип жатканда лиризм тууралуу ооз ачпаганы менен Дыйканбек, Аргын, Калемкан, Нина, ж. б. образдардын ички дүйнөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөр толугу менен көркөм деталь – лиризм аркылуу ишке ашканын тануга болбойт. Реалдуу турмуштагы адам мүнөзүнүн, кыял-жоругунун, ой-санаасынын татаалдыгын көркөм чыгармадан таап берүү аракети ошол мезгилдеги жазуучуларды изденүү түйшүгүнө салгандыктан, повесть жанрында жазылган улам кийинки көркөм туундуда адамдын жан дүйнөсүнүн улам бир кырын ачып берүүгө умтулуусун шарттоо менен башка көркөм каражаттарды ыктуу пайдалануусуна ээ болуу менен бирге лиризмди колдонуу чеберчилигин арттырганын да терендеткенин баамдоого болот. Мындай изденүү далалаттары бардык учурда эле оң натыйжа бере берген эмес, кээ бир повесттерде классикалык чыгармаларды механикалык түрдө тууроо, сюжет куруунун китептик ыкмаларына таасирленүү, каармандарды ашыкча романтикалык маанайга батырып сүрөттөө, же болбосо каарманды зарылдыгы болбосо деле ашыкча азап-тозокко сала берүү, персонаждардын ыгы жок «асанкайгычылдыгы» сыяктуу көрүнүштөр да байкалган. Бирок, мындай мүчүлүштүктөргө карбастан, жазуучулардын изденүүсү айрым бир ийгиликтерди жарата алган. Тактап айтканда, каармандын ички дүйнөсүн «аңтара» сүрөттөөдө лиризмге модеристтик мамиле кылган сүрөткерлер пайда болгондугун ошол мезгилде жарыкка чыккан кээ бир повесттер ырастоодо.

Бул повестте каармандын ички дүйнөсүн «аңтарып» көрсөткөн автордук баяндоолор деле көрүнбөйт, тескерисинче бирин-бири улай кеткен «жыш» окуяларга кеңири орун берилет. Бирок ошол окуялар тымызын каармандын жан дүйнөсүн сыртка алып чыгат да, анан сюжеттик өнүгүү менен бирге лиризм аракетке келет да, персонаждын психологиясында болуп жаткан ички-тышкы өзгөрүүлөрдү көркөм-эстетикалык табылга катары окурманга тартуулайт. Мындай кырдаалдарда лиризм повесттин поэтикасы үчүн таасирдүү күчкө айланат да, ал каармандын жан дүйнөсү татаал экендигин гана туюндурбастан, ал коомдук-социалдык, саясий-экономикалык, адеп-ахлактык, руханий-эстетикалык нормаларды «аныктоочу» жана реалдуу турмушта аракетке келип жаткан тиричиликке «баа берүүчү» критерий экендигин баамга салып берүүдө.

Кыргыз адабиятында повесть жанры дагы эле өнүгүү багытында экендигин эсепке алсак, лиризм мезгил өткөн сайын каармандын татаал жан дүйнөсүн көркөм иликтөөгө алууда негизги компонент катары кызмат кылып, жазуучулардын терең билимине, чыгармачылык эрудициясына, көркөм-адабий өнөрдү өздөштүрүү чеберчилигине, сезимтал дүйнөнү кабылдоо маданиятына, улуттук чыгармачыл традицияны аңдаштыруу кудуретине, сүрөткердин активдүү изденүүсүнө жараша улам жаңы бийиктиктерди багындырып тураары талашсыз.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз совет адабият тарыхы. – Ф.: Илим, 1987, 1-том, 597-б.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы.– Б.: «ТАС» ЖЧК, 2004, 282-б.
3. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы.– Б.: «ТАС» ЖЧК, 2004, 304-б.

**Акылбекова А.А.,**
*И.Арабаев атындагы КМУнун аспиранты*

**АДАБИЙ ПОРТРЕТТИН ЖАНР КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ**

**Акылбекова А.А.,**
*аспирант КГУ имени И.Арабаева*

**ФОРМИРОВАНИЕ ПОРТРЕТА КАК ЛИТЕРАТУРНЫЙ ЖАНР**

**Akylbekova A.A.,**
*postgraduate student of*
*I. Arabaev Kyrgyz State University.*

**FORMATION OF A PORTRAIT AS A LITERARY GENRE**

**Аннотация:** *Адамдар алгач таанышканда анын сырткы көрүнүшүнө, жүзүнө карашат, кээ бирлери бир көргөндө эле адамдын мүнөзүн, жашоо-турмушун, сезимин, ой-жүгүртүүсүн байкай алышат. ошол себептен портрет – бул уникалдуу көрүнүш десек да болот. Заманбап маалымат технологиялар заманында дагы портреттин, портрет түзүүнүн орду зор. Ал жарнамалык багытта көп колдонулууда, мисалга, сулуулук жөнүндөгү жалпы коомдук ойду өзгөртүүгө жана татыктуу адамдын жүзүн жаңы вариантта сунуштап, коомчулук менен бийликтин ортосундагы байланыштыруучу бирдик катары кызмат кылат. Учурда портретти баалоо өтө татаал. Себеби, ал өзүнө азыркы "имидж", "харизм", "fase faktor" сыяктуу адамдын сырткы көрүнүшүнүн маанилүүлүгүн элестүү чагылдырыш үчүн колдонулган түшүнүктөрдүн пайда болушу менен байланыштырсак болот. Бул макалада архаикалык доордогу живопистик портреттин жаралуу тарыхына жана маанисине кайрылып, теориялык маселелерин салыштырып талдоо менен адабий жанр катары калыптанышы тууралуу маалыматтарга анализ берилген.*

**Негизги сөздөр:** *маданият, портрет, сүрөткер, сүрөттөө, икона, адабий портрет.*

**Аннотация:** *Знакомство с любым человеком начинается с его внешности, в котором внимательный зритель может узнать его харахтер, чувства, жизненный быт, мировозрение и взгляды на окружающий мир. Поэтому мы можем говорить что портрет – это уникальное явление. В эпоху современно-информационных технологий роль портретного жанра и его составление очень важна. Портрет широко присоединяется в рекламе товаров, демонстрирует принятые в обществе представления о красоте и предлагает новые варианты достойного облика, служит соединяющим звеном между властью и массами. В настоящее время портрет сложно переоценить, он тесно связан с понятиями "имидж", "харизм", "fase faktor" которые отражают важность внешности человека для общества. В данной статье рассматривается история и значение живописного портрета в архаичный период, проводится сравнительный анализ теоретических вопросов, анализируются данные по формированию портретта как литературный жанр.*

**Ключевые слова:** *культура, портрет, художник, иллюстрация, икона, литературный портрет.*

**Annotation:** *Acquaintance with any person begins with his appearance, in which an attentive viewer can recognize his character, feelings, life being, worldview and views on the world around him. That is why portraiture can be called a unique phenomenon. In the age of modern information technology, portraiture and portraiture still play an important role. It is widely used to change the perception of beauty by the general public and present a new version of the face of a worthy person, and serves as a link between society and government. Currently, it is very difficult to evaluate a portrait. This is due to the fact that this can be explained by the appearance of concepts such as "image",*

*"charisma", "phase factor", of human appearance. This article analyzes the data on the formation of the literary genre by comparing and analyzing theoretical issues, regarding the history and significance of the painting portrait in the archaic period.*

**Keywords**: *culture, portrait, painter, icon, illustration, literary portrait.*

"Портрет" термининин түз мааниси искусствонун бир түрү болгон адабият менен маанилеш "живопись" түшүнүгүнө жакын. Эски француз тилинде pour-trait- "сүрөттөөнүн түп нускасы" жана trait pour trait орус тилине которгондо "черта в черту" деген маанини туюндурган. Сөздүн уңгусу латын тилиндеги этишке "protrahere" кыргызча мааниси "сыртка чыгаруу" "табуу" дегенди билдирсе, кийинчирек мааниси кеңейип, "чагылдыруу" "портретин түзүү" деген маани келип чыккан. [1] Портретти таануда, сүрөткердин ички сапаттарынын топтомун, анын жазуу же тартуу манерасын билүү менен бир нече багыттагы иш аракеттерди кылат: портрет жаралган доорду таанийт, ал менен кошо сүрөтчүнүн ошол мезгилге, чагылдырып жаткан адамга болгон көз карашын байкайт. Ф.В.Шеллер портрет түзүү исскуствосу "жашоонун көз ирмеминде, кыймылында чачыранды болгон адамдын идеясын бир учурга токтотуу, көңүл бурдуруу" деген. Демек, адамдын бүткүл оюн токтото турган порттертти жараттуу чыныгы сүрөткерлердин гана колунат келет.

Искусствонун тарыхында портрет адам таануунун өзгөчө формасы [2] катары каралат. Бул маселеге философиялык багытта Р.Декарт, Э.Гуссерля, Ж.П.Сартта, М.Мерло-Понти сыяктуу окумуштуулардын эмгектери арналган. Алар портрет түзүүдө адамдын дүйнөнү кабыл алуусун чагылдыруу негизги маселе катары карашкан. Маселен Р. Декарт портреттин семантикалык катмары сүрөткердин антитезасы катары келиши мүмкүн, бул адамдын индивидуалдыгын, ички дүйнөсүн ачып берүүдө чоң мааниге ээ деген ойду айткан. Порттертке анализ жүргүзүү үчүн методологиялык ыкма катары "интенция" түшүнүгүн Э.Гуссерлб сунуштаган. Бул ыкма – сүрөтчүлөр бир эле адамды эмне себептен ар башкача сүрөттөшөт деген суроонун үстүндө ой жүгүртүүгө арналган. Интенция сүрөткердин өзүнө гана таандык ыкмасын гана изилдебестен, тартылып турган портреттин көрөрмандар байкаган жана бир көз караш менен байкалбаган элеметтерин дагы байкоого алат.

XX-кылымдын эң көрүнүктүү философу Ж.П.Сарт "Воображаемое. Феноменологическая психология вооброжения" аттуу эмгегинде порттертти аң сезимдин жаратылышынын чагылдырууда колдонулуучу ыкма, ал эми портреттик образ – маданий контесттин психологиялык жана философиялык ойлорун жана искусство таануудагы көйгөйлөрдү ачып берүүдө көмөк көрсөтүүчү ыкма экендигин жазган.

Адамдын образы бир калыпта болбоосу, адамдардын дүйнө таанымы бирдей эместигинде. Портреттик сүрөттөө деги эле портретти түзүү маселеси ар бир багытта иликтөөгө алынып, анын өзгөчөлүгүн ачып берүү үчүн көптөгөн эмгектер жазылган. Ушундай чоң эмгектердин бири советтик жана орус элинин философу М.С.Каганга таандык. Ал өзүнүн акыркы эмгектеринин бири болуп эсептелинген "Се человек..." аттуу китебинде "сыйкырдуу" күзгү тууралуу ал аркылуу адамзат өз тарыхын, басып өткөн доорду билсе боло тургандыгын ошол эле, учурда "маданий күзгү" адам баласынын жашоо турмушунун маанисин, жашоо, өлүм маселеси жана башка адамзат үчүн ачыла элек аталыштарды мына ушул күзгү аркылуу билсе болоорун жазган. "Художественное открытие в человеке качеств, до того не выяленных и ставших очевидными и общепризнанными благодаря их воплощению в образных "моделях" человека" [3]. М.С.Кагандын адамдын "модели" жөнүндөгү далили портреттин тарыхый-маданий жанрын изилдөөдө негиз болгон.

Порттерттик жанрдын келип чыгышын аныкташ үчүн Совет жана орус элинин психологу И.С.Кон, француз философтору К.Леви-Строс, М.Элиаде, англис маданият таануучусу Э.Б.Тайлордун эмгектери өтө маанилүү. Көркөм портретти ачыш үчүн байыркы диний ишенимдерге кайрылышыбыз керек. Портреттин пайда болушу жөн жайдан келе калган жок, ал дүйнөнү жана өзүңдү таанууда керек болгон, ал адамзаттын аң сезиминин өзгөрүшүнө байланыштуу. Христиандык антропологияда "лик-лицо-личико"[4] деген түшүнүктөр адамдын образын түзгөн портрет менен тыгыз байланыштуу. Бул боюнча орус философтору С.Н.Булгаков, Л.П. Карсавин, А.Ф.Лосев, П.А.Флоренскийлердин эмгегинде "лик" бул Жараткандын адам келбетинде көрүнүшү, ал эми "жүзү" – күзгү сымал анын жан дүйнө, руханий түйшөлүүлөрүн чагылдырат, ал эми "личико" – маска сыяктуу деген ойлорун айткан. Икона тартууда "лик" көркөм изилдөөлөрдүн борбору, ал эми портрет түзүүдө "лицо" жана " личико" түшүгү маанилүү. Адамдын "личность" катары өнүгүшүнүн тарыхында орус изилдөөчүлөрү Д.В.Сарабьянов, В.Г.Вдовин, Т.Л.Карпованын эмгектеринде төмөндөгүчө айтылат: "...портрет собирает, фокусирует представления о домирующей личности своего времени, что в нем выражается идеал эпохи"[5]. Чындыгында, портрет ошол доорду андагы баалуулуктар, жашоо образы, дүйнө таанымы жана башка маалыматтарды өзүнө "чогултуп" тарыхый бир учурду сүрөттөп бере алат. Б.Р. Виппер "Проблема сходства в портрете" деген макаласында биринчилерден болуп, портреттин кандайдыр бир "фокус" болушу ыктымал деген ойду билдирген. Ал портретти искусство гана катары эмес, көптөгөн аспектиде изилдешибиз керек дейт. Портреттин пайда болушу адам баласынын дүйнө таанымынын өсүшүндөгү чоң этап. Адамдын сүрөттөөнүн архаикалык формасы катары социалдык-жыныстык, уруулук түшүлүштү өзүнө камтуу болуп эсептелинет. Портреттин тарыхый жактан өнүгүшүндө анын формалары келип чыккан; "Портрет өндүүлөр" – адамдын портретин түзүүдө анын физикалык көрүнүшүн гана чагылдырган:; "Портрет-статус" – социумга байланыштуу адамдын образы гана берилген; "Портрет-маска" – адамдын чыныгы жүзүн жашырып, ынгайлуу абалын сүрөттөгөн; "Портрет-социалдык түр" – жеке адамдын жүзү жалпы коомчулуктун типтүү образына айландырылган; "Портрет – жан дүйнө" – адамдын жеке жан дүйнөсүн ачып берүүгө арналган[6].

Архаикалык доордогу маданиятта портреттин жаралышы боюнча изилдөөлөр аз. Портреттин үлгүлөрүн байыркы доорго таандык искусствонун жанрларынан байкоого болот. Антроморфтук "жүзү жок" палеолиттик "белги" формасындагы сүрөттөөлөр адам баласынын дүйнө таанымындагы чоң өзгөрүү болуп эсептелинет. Байыркы цивилизациянын негизин мистикалык дүйнө тааным, ата-бабаларынына сыйынуучуук, тотемдик ишенимдер түзөт. Портретте чагылдырылып жаткан адамдын образы, социалдык абалы, кылган эрдиктери, кыймыл-аракети, эмоциясы, жаңсоолору кээ бир учурларда анын сезимин дагы байкоого болот. Маселен Байыркы Римде кулдар толук адам катары эсептелинген эмес. Төрөлгөндө эле коомчулуктун жогорку этабында турган, өзүнүн байлыгын, даңкын жана эрдиктерин билдирүүгө татыктуу кул элөөчү, өзүнө скульптуралык бюст же эстелик тургуза алган. Өлгөндөн кийин тургузула турган адамдын жүзү ал күчкө толуп турган убакытта тартылган, бул грек жана рим маданиятынын өзүнө камтыган. Себеби, Фаюм портреттери өзүнө мистикалык салттын элементтерин камтып турат. Тартылган портреттердин ар бири өзгөчөлөнүп турса дагы аларды бириктирип турган нерсе сүрөттөр идеализациядан алыс. П.А.Флоренскийдин байкоосу боюнча фаюм портреттери икона жана батыш Европалык портретинин өнүгүшүнө түрткү берген. Аларда адамдын сырткы келбети гана берилбестен каза болгон адамдын раханий абалын дагы чагылдырган. Бул дүйнө таанымдагы "төңкөрүлүш" маданияттын көркөм тилине таасир берген. Иконалардын сакралдуулугу жана живопистерден айырмасы анын функциясы: Кудай менен сүйлөшүү

орду, адам менен Кудайдын ортосундагы диолог, максаты жер шаарын көрсөтүү эмес адамдын идеалдуулугун чагылдыруу болгон.

Икона сөзүнүн которулушу "эйкон" грек тилинен алынганда образ, сүрөт, сыймыктануу дегенди түшүндүрөт. Алгачкы иконалар ыйык кыйналуучулардын (святых мученики) элестери түшүрүлгөн, жан дүйнөнү чагылдырган сүрөттөр болгон. Иконадагы адамдын жүзү жогорку руханияттын белгиси, ал эми сырткы келбет адамдын жан дүйнөсүнүн мейкиндигин камтыйт деген ойлорду дин таануучулар айтып келген.

Портрет таануучу С.К.Зарянко портреттин чегин айтып мындай дейт: "Разве может быть крик без звука?...Плач без слез?" Чыгдыгында, адамдын түйшүгүн, ыйын, кубанычын, күлкүсүн живопись аркылуу берүү мүмкүн эмес. Көркөм адабияттагы портрет каармандардын бейнесин ачуу маселеси келип чыкканда жаралган.

Л.С.Зингер порттертти искусствонун бардык тармагында кездешкен "сквозной" жанр деп белгилеген. Чындыгында эле, портрет адамдын образын чагылдыруу менен искусттвонун көп түрлөрүндө (живопись, скульптура, музыка, адабият ж.б) кездешет. Ал эми искусствонун эң бир маанилүү милдеттеринин бири бул-адам, анын жан-дүйнөсүн, кылган иш-аракеттерин, сезимин көрсөтө алышы же албашы, турмуштун чоң ийгиликтерине умтулуусу же умтулбашын изилдөө[7]. Б.В.Шапошников айткандай "Портрет деп биз, белгилүү бир адамдын сүрөтүн айтабыз, ал адам сүрөттүн негизги темасы жана обектиси" [8] Адабияттын негизги объектиси жана предмети адам жана анын турмушу болгондуктан, ал адамдык түбөлүктүү нарктарга, инсандык адеп-ахлакка үндөөдөн талбайт. Экөөнүн байланышы мына ушунда бирок, экөө эки башка түшүнүктү камтып, бири биринен айырмаланып турат.

Адабияттагы портреттин жаралышы адамдын образын түзүү керек болгон учурдан башталат. Каармандын мүнөзүн, анын сүрөттөлүшүн, тандап алган адамды сөз менен тартуу жана "прозадагы портрет", "лирикадагы портрет" деген түшүнүктөр менен байланыштуу.

А.И.Белецкийдин "Избранные труды по теории литературы" деген эмгегинин "Изображение внешности лиц" деген бөлүгүндө ар түрдүү тарыхый доордо кандай портреттер болот деген ойдун тегерегинде жазат. Автор портретти паспорттук, көңүлдү башкага буруучу, стилдерин өзгөртүүчү, живопистик, архитектуралык портрет деп бөлүп карайт. [9] Байкап көрсөк, бул бөлүштүрүүлөр адабий портреттин түшүнүктөрү менен окшош келет.

Адабий портрет – бул адабий жанр, мемуарга өзүнүн адамды сүрөттөөдө тактыгын, документтүүлүгү, объектиге карата такталган маалыматтарды чагылдыргандыгы менен жакын. Жанр катары калыптанышынын негизин документтүүлүк-биографиялык материалдарды көркөм иштеп чыгуу түзөт. Бул боюнча Барахов.В.С. (Литературный портрет. Истоки, поэтика, жанр. – Л.,1985) Дмитриевкая Л.Н. (Пейжаж и портрет: проблема определения и литературного анализа. Монография –М., 2005.) Трыков В.П.(Французский литературный портрет 19-века.М.1999) ж.б. окумуштуулар өз эмгектерин арнашкан. М.Г. Уртминщева "Адабий портрет бир четинен "чектелүү" себеби ал так маалыматка гана негизделиши керек бирок, адабияттын табияты боюнча автор сүрөттөп жаткан адамын эркин түрдө анын мүнөзүн, сырткы келбетин, божомолдуу түрдө чагылдырса болот" [10] деген ойду айткан. Демек, адабий портретти түзүүдө автордун дагы жеке почерки, кабыл алуусу да маанилүү. Прозадагы портрет – көркөм ыкма катары каармандын образын түзүүдө, анын жан дүйнөсүн чагылдырууда, сырткы жана ички түзүмүн ачып берүүдө колдонулат. Лирикалык поэзиядагы портрет живопись сыяктуу эле анын предмети, сүрөттүн негизги максаты, бир эле учурда автордун дүйнө таанымын билдирүүчү курал[11]. Демек, портретти түзүүдө 1. Кандайдыр бир каарманды сүрөттөө; 2. Анын сырткы келбетин сөз менен тартуу 3. Автор каарманын кандай сүрөттөйт ошол аркылуу биз автордун стилин

аныктай алабыз. Н.П. Сакулиндин сөзү менен бул ыкмалар “жазуучунун психоидеологиясын көрсөтөт.”

Ал эми лирикалык поэзиядагы портрет каарманды же анын кандайдыр бир сырткы келбетине, мүнөзүнө көңүлүн токтотуп, аны сүрөттөөгө алат, бул учурда дагы автордун стилин байкасак болот. Убакыттын өтүшү менен (өзгөчө 19-кылымдын аягы) адабияттын өнүгүү процесси менен лирикадагы портрет өзгөчө мааниге ээ болот. Ал сөз өнөрүнүн визуалдык аналогу[12] болуп калыптанат. Көпчүлүгү анын ичинен А.А.Потебия сөздүн күчү, мааниси чоң экендигин баса белгилеп “сөз- бул искусство[13] деген ойду айткан. Лирикалык портрет кандайдыр бир предмет же адамды сүрөттөө гана эмес, биринчи кезекте автордун жан дүйнөсүндөгү татаал процессти чагылдарып турат.

Бекеринен живопистик порттертти “дүйнө жүзүнө болгон лирикалык көз караш” деп айтышпаса керек.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Уртминцева М.Г. Говорящая живопись (Очерки истории литературного портрета), – Нижний Новгород, 2000.
2. Неверова И.Ф. Художественный портрет как форма постижение человека в истории культуры: Автореферат, – Санкт-Петербург, 2008.
3. Каган М.С. Се человек... Жизнь, смерть и бессмертие в “волшевном зеркале” изобразительного искуссва. –СПб.: изд-во “Logos”, 2003.
4. Колосова С.Н. Портрет в русской лирической поэзиии. Монография – М., 2001.
5. Виппер Б.Р. “Проблема сходства в портрете” // Б.Виппер –М.,1917
6. Лотман Ю.М. Лотман Об исскусстве. –М., 1998.
7. Неверова И.Ф. Художественный портрет как форма постижение человека в истории культуры: Автореферат, – Санкт-Петербург, 2008.
8. Шапошников Б.В. “Портрет и его оригинал //Искусство портета. –Сб. статей под.ред.А.Г.Габричевского. –М.,1928.
9. Габель М.О. Изображение внешности лиц // А.И.Белецкий “Избранные труды по теории литературы”. –М.,1964.
10. Потерня А.А. Теоретическая поэтика. –СП., 2003.
11. Габричевский А.Г. Портрет как проблема изображения //Искусство портрета
12. Колосова С.Н. Портрет в русской лирической поэзиии. Монография – М., 2001.
13. Потерня А.А. Теоретическая поэтика. –СП., 2003.

**Абдыкадырова Г.К.**

*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

## Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ТААНЫП-БИЛҮҮДӨ К. АСАНАЛИЕВДИН АДАБИЙ СЫН-ПИКИРЛЕРИНИН ОРДУ

**Абдыкадырова Г.К.**

*Кыргызский национальный университет имени Ж.Баласагына*

## РОЛЬ И МЕСТО КРИТИКИ К. АСАНАЛИЕВА В ИЗУЧЕНИИ ПРОИЗВЕДЕНИЙ Ч.АЙТМАТОВА

**Abdikadyrova G. K.**

*Kyrgyz national University named after Zh. Balasagyn*

## The role and place of K. ASANALIEV's CRITICISM IN the study of CH. AITMATOV'S WORKS

**Аннотация:** *Макалада заманыбыздын залкар жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармаларын таанып-билүүдө К.Асаналиевдин адабий сын-пикирлеринин орду тууралуу кеп болот.*
**Негизги сөздөр:** *адабий сын, адабият таануу илими, көркөм ой жүгүртүү, адабий процесс.*

**Аннотация:** *в данной статье речь идет о роли литературных замечаний и критики К.Асаналиева в изучении произведений Ч.Айтматова.*
**Ключевые слова:** *художественная критика, литературоведение, художественное мировоззрение, художественный процесс.*

**Annotation:** *this article deals with The role of K. Asanaliev's literary comments and criticism in the study of Ch. Aitmatov's works.*
**Keyword:** *art criticism, literary criticism, artistic worldview, artistic process.*

Ч.Айтматовдун чыгармаларын изилдеген, ага түрдүү багыттар боюнча сын пикирин айткан окумуштуулар азыр кыргыз адабиятында жетиштүү эле. Алардын ар биринин жазуучунун чыгармаларын окуп-үйрөнүүдө орду бар экендиги талашсыз. Бирок өзүнүн айткан ойлору менен жазуучунун өзүнө, улам кийинки чыгармаларынын жаңы бийиктиктерди багынтып, ички жаңылануларга ээ болуусуна маанилүү роль ойногон кыргыз адабиятчылары саналуу. Алардын бири – К.Асаналиев. К.Асаналиев кыргыз адабият таануу илимине өз салымын кошуп, анын илимий-теориялык жактан калыптануусу үчүн тикелей кызмат кылган болсо, алардын көзгө толумдуусу Ч.Айтматовдун чыгармаларына арналганын да белгилей кетели. Адабиятчы, сынчы катары К.Асаналиев калем алып, окурмандар чөйрөсүнө тааныла баштаганда айткан пикирлеринин алгачкысы да Ч.Айтматовдун майда аңгемелерине арналып, анда жазуучунун аңгемелери – «Асма көпүрө», «Түнкү сугат» учкай болсо да кепке тартылып өтөт.

Жалпы докладдын арасында бир токтолуп өткөн ойлорго азыр маани бергендер ага айрыкча басым коюп,

анда айтылган адабий-сынчыл көз карашка ар тараптан талдоо жүргүзүп, Ч.Айтматов сюжет куруу, образдарды шөкөттөө боюнча кыргыз жазуучуларынын ичинен «айырмаланып турганына» суктануу менен карашат. Дүңүнөн алганда маани берүүгө анча зарылдык болбогону менен бир айтылган ойду кылымдын залкар жазуучусу катары калыптанган тагдыр менен байланыштырып карай келгенде К.Асаналиевдин сезгичтиги - көркөм образ түзүү менен сюжет куруудагы аракеттерин бөлүп карашы алыска чуркаган аргымакты дүбүртүнөн тааныгандай эле кеп болгон. Ошондой эле бул эки чыгарманын каармандарына баа берүү менен К.Асаналиев адабий процесс мындан ары кайсы багытты карай өнүгүүсү керектигин колуна калем алган кийинки муунга жар салып жаткандай да таасир калтырат.

Бир караганда колуна калем алган жаш калемгерден Ч.Айтматов эч нерсеси менен айырмаланган эмес. Чыгарма жаратуу үчүн ал доордун өзүнө ылайык талаптары болгон болсо, Ч.Айтматов башкалардай эле аны аткарууга, өз замандаштарынын көркөм образын түзүүгө аракеттенген болчу. Анын мындай майда чыгармаларынан окурмандын көңүлүн бура турган маселе кайда болгону азыр кимди болбосун кызыктырат, б. а. К.Асаналиев эмне себептен анын мындай майда аңгемелерине ой токтотуп, андан жылуу сөз күтүп жүргөн «төбөсү көрүнгөн», ысымы дарамети бар, келечегинен көптү күттүргөн жаш калемдердин көпчүлүгүнүн атын атабай, башка кесиптин ээси (көркөм чыгарма жаратуудан алыс турган зоотехник) жазып койгон чыгармаларга басым жасаганы бир катар суроолорду жаратат. Алардын бири К.Асаналиевдин сынчылык талантына баа берип, «жылт» эткен учкундан жаркырап күйө турган жылдызды таба алган шык-жөндөмүнө суктанган болсо, экинчилери саясаттын «бурамачасы» (В.Ленин) катары жашаган кыргыз совет адабияты өзүнүн чыгармачыл баскан жолунда классикалык адабий туундуларды калыптандыруу деңгээлине жетип, бирок андай башталманы адабияттын теориялык түшүнүктөрүнө сугарылган акын-жазуучулардан бөлөк адам жаратуусу мүмкүн экендигине жетип калган шартта аламан жарыштагы күлүктү бир шилтем жүрүшүнөн тааныган сынчылык чеберчилигине баа беришет. Үчүнчүлөрү бир шилтем аңгемелеринен өзүнүн чыгаан жазуучу болоорун туюндура алган Ч.Айтматовдун дараметине тан беришет. Ырас андай пикирлерин билдиргендердин билгени бар, айткандары калетсиз…

Ушул акыйкат чындык артында дагы эле көп сыр бар экенин бул окуя болгондон кийин жарым кылымдан ашуун мезгил өтсө да, ушул убакытка чейин эч ким толук жооп бере элек. Себеби адабий процессте алгачкы чыгармалары менен «таң калтырып», бирок мезгил өткөн соң аты-жыты билинбей кеткен жазмакерлер жүз болбосо да ондоп саналат. Экинчиси кийинки чыгармасы менен өрдү карай тартып, мурда айтылган сынчыл пикирлерди «пайдалануу» аркылуу жаңы бийиктикти багындырып, сүрөө жарашкан аргымактай адабий дөөлөттөрдүн улам бирин кыргыз элине сунушташы жазуучу менен адабиятчынын ортосунда ички гармония турганын туюндурат. Ал гармония кантип жана кандай шартта түзүлдү?. Ч.Айтматовдун чыгармаларына не бир таланттуу адабиятчылар өздөрүнүн илимий баасын

берип, сүрөткердин кыргыз жана дүйнөлүк адабиятка алып келген жаңылыктарын ачып берип жатса да, мына бул суроо жоопсуз калууда. Эгер бул суроого жооп табылган болсо, анда жазуучунун талантынын дагы бир кыры ачылып, мурда айтылбаган ойлор ортого салынышы мүмкүн деген күдүк ой адабий коомчулукта жашап келет. Анткени доор алмашып, советтик империя жашоосун токтоткон маалда бул эки залкар тең аны түптөгөн идеологиядан баш тартып, башка жолго түшүп кете беришти. Чынында башын чулгуп басып кеткенге экөөнүн тең моралдык укугу жок болчу. Себеп дегенде экөөнө тең адабий билимди советтик доор берсе, партия алардын адабий-эстетикалык көз карашынын калыптануусуна, эстетикалык табитин жетилүүсүнө, адабият теориясына таандык илимий түшүнүктөрдү туура жана жеткиликтүү аңдаштыруусуна мүмкүнчүлүк түзүп бергенин эч ким жокко чыгара албайт.

Кызык жери Ч.Айтматов Москвада Горький атындагы адабият институтунун алдындагы Жогорку атайын курсту окуп жүргөн мезгилинде К.Асаналиевге жолугуп, ага «Бетме-бет» повестин окуп берсе, бардык жагынан партия иштеп чыккан жоболорго туура келе бербеген чыгармага сынчы «кыргыз адабиятындагы жаңы сөз» деген баасын берет. Кыргыз адабияты ага бардык тарабынан баа бере билген кыргыз адабият таануу илими партиянын жетегинен чыга элек маалда К.Асаналиевдин Ч.Айтматовдун өз Мекенин душмандан коргоодон качкан Ысмайылды баш каарман катары сүрөттөгөн чыгармасы «Бетме-бетти» минтип макташы ошол мезгил үчүн парадокс болсо, сынчынын аны колдоп чыгышы өзүнчө бир таң калыштуу окуяны түзөт. Эгер кол жазма түрүндө окулуп жаткан чыгарманы К.Асаналиев минтип кадырын көтөрүп, жазуучунун адабий дебюту катары эсептебегенде [1] балким чыгарма жарыкка чыкпай калмактыр, ошондой эле ал мезгилде катуу сынга кабылган болсо жазуучунун тагдыры эмне болоорун элестетүү кыйын. Окуянын жүрүшүн совет доорундагы ошол мезгилдеги абал – бардык жерде партиялык көзөмөл болуп турган кырдаал менен байланыштырып карасак, бул экөөнүн тең аракети чоң тобокелчилик аркылуу ишке ашырылган эрдикти туюндурат.

Реалдуу турмуштук шарттан алып караганда Н.Хрущевдин «жазгы баары» келгени менен көркөм ой жүгүртүү бир мезгилде партия тарабынан иштелип чыккан идеологиялык көзөмөлдөн кутула электе кыргыздын эки чыгаан уулу адабий дүйнө кабылдоонун табиятына болуп көрбөгөндөй жаңылык алып келишти. Аны төмөнкүдөй түшүндүрүүгө болот: Биринчиден, экөө тең адабий-көркөм чыгармачылыктын сырларын жакшы өздөштүргөндүктөн, согуш мезгилиндеги окуяларды бир гана көркөм-эстетикалык мазмунда кабылдоо керектигин түшүнүшкөн. Алардын мындай аракети өздөрү жакындан билген окуяларга туура баа берүүдөн чыгып, замандаштары айта албаган чындыкты бири көркөм чыгарма аркылуу айтса, экинчиси андагы окуяларды, реалдуу турмуштан келип чыккан каармандардын пендечилигин, жеке адамдын турмуш-тиричиликке болгон түрдүү мамилесин, жарандык позициясын, бир үй-бүлөдөгү эки адамдын эки башка ой жүгүртүүсү мүмкүн экендигин ошол чыгарма аркылуу түшүндүрүүгө жетишет. Экинчиден, бийлик канчалык көзөмөлдөбөсүн

чыныгы сүрөткер өзү жашаган доордун чындыгын окуган адамдын жан дүйнөсүнө бардык жагынан таасир этүүчү деңгээлге жеткире сүрөттөшү кандай мүмкүн болсо, адилет сынчы акыйкат иштелип чыккан көркөм туундуну бардык тарабынан ачып берүүгө өзүнүн милдеттүүлүгүн сезишин бул эки залкардын чыгармачыл байланышы аныктап берет. Мындай чыгармачыл байланыш Ч.Айтматовдун «Жамийласы» жарыкка чыкканда түшүнүктүү боло түшөт. Тактап айтканда, адабияттын күнүмдүк тиричиликтеги миссиясы адам жана анын турмушун өзү жашаган доордун көркөм-эстетикалык кабылдоосуна карай аныктап, анан аны жеке дүйнө кабылдоосуна ылайык иштеп чыгуу экендигин жазуучу кандай туюнса, анын чыгармаларына талдоо жүргүзгөн сынчы К.Асаналиев да ошондой эле баамдайт [2]. Экөөнүн тең милдети адабий процессте бир кызыкчылыкты көздөгөндүктөн, бири айткан ойду экинчиси толуктап, жетпеген жерин өркүндөтүп, өз замандашынын жан дүйнөсүн, пендечилик катары ойлогон оюн, тиричиликтеги түрдүү кызыкчылыктарын жеке керектөөсүн коргоого болгон аракетин биргелешип ачып берүүгө умтулушат. Сыртынан алганда экөө эки башка багытта (бири көркөм чыгармачылыкта, экинчиси адабият таануу илиминде) өз ойлорун чагылдырып жаткандай болгону менен экөөнүн диалектикалык байланышын түзүп турган касиет – советтик адамды ар тараптуу ачып берүү, кийинки муун туура түшүнүп жеткиликтүү кабыл алууга тийиш маселелерди ар тараптуу чечүү милдетин бирдей түшүнгөндүгү болуп саналат. Ырас, алардын ортосундагы гармония бир эле окуяга экөө биргелешип мамиле кылганы болсо, анын мазмунунда бир катар маанилүү маселелер бар экендигин айтпай кетүүгө болбойт. Алардын башында Ч.Айтматовдун улам кийинки чыгармасына ар тараптуу талдоо жүргүзүү менен К.Асаналиев кыргыз адабиятында болуп жаткан түрдүү кубулуштардын идеялык-эстетикалык өзөгүн аныктоого, сырттан кабыл алынган жанрларды алгач өздөштүрүүдө кеткен кемчилдиктер менен Ч.Айтматов тарабынан жарыяланган чыгарма аркылуу кантип ийгиликке жетишип бара жатканын да ыраттуу түшүндүрүүгө аракеттенген болсо, биз сынчынын адабий-сынчыл чыгармаларын окуп отуруп деги эле кыргыз адабияты өткөн доордо эмнелерге жетишкенин да ачык туюна алабыз.

К.Асаналиев кыргыз адабиятында болуп жаткан бардык кубулуштарды бири-бири менен байланыштырып, алардын диалектикалык катышын Ч.Айтматовдун чыгармаларынан көрсөтүүгө аракеттенет. Алардын арасынан улуттук элдик оозеки чыгармачылык менен жазуу маданиятын өздөштүрүүдөн келип чыккан профессионал адабияттын ортосундагы диалектикалык карым-катнаштын туундусун да толугу менен Ч.Айтматовдун чыгармаларынан таап көрсөтүүгө бел байлайт. Тагыраак айтканда бир мезгилде «Манас» сыяктуу зор эпикалык чыгарманы жарата алган кыргыз эли жаңы замандын талабында турган эпикалык чыгарманы бериши мыйзамченемдүү көрүнүш экендигин белгилеп, анын чыныгы мисалы катары Ч.Айтматовдун чыгармаларын көрсөтөт. Бир караганда талаш-тартышты жаратуучу ой болгону менен «Манас» башында турган не бир укмуш көркөм-эстетикалык

сапатка ээ эпикалык чыгармаларды түзүүгө жетишкен, ал тургай бир чыгарманын бир нече вариантын элге тартуулаганга мүмкүнчүлүгү бар элден дүйнөгө таанымал бир жазуучунун чыгышына карата айткан сынчынын ой корутундусу аныкталган чындык катары [3] кабыл алынып келет. Залкар жазуучунун дүйнөгө таанымал болушун К.Асаналиев бир нече багытта түшүндүрүп, алардын ар бирине өзүнүн жеке байкоолору менен анын акыйкат экендигин көрсөтүүчү мисалдарын сүрөткердин чыгармаларына таянуу аркылуу чечмелейт. Мындай байланышты түзүүдө бир багыт катары өзү жашаган советтик жашоо турмуштун реалдуу окуяларынан чыккан ой корутундуларга таянса, экинчи жагын адамдын кадимки турмуш-тиричилиги менен карым-катнашта карап келген мифологиялык, ал тургай мистикалык дүйнө кабылдоо түшүнүктөрүн түз эле пендечиликтин өзүнөн, жеке адамдан улуттук дүйнө таанымдын биргелешкен кызыкчылыгынан табууга умтулуп [4], мисалды Ч.Айтматовдун чыгармаларынан алат.

К.Асаналиевдин мындай мамилеси Ч.Айтматовдун чыгармаларын таанып-билүүдө өзүнчө булак катары кызмат кылат, б. а. бир учурда советтик идеологиянын талаптары менен талдоого алынса да, ал мезгилде болуп өткөн турмуш чындыгын ар тараптуу кабылдоого, ал учурда адам баласы эмне менен алектенип кантип жашоо кечиргенин туура баамдоого, кандай кызыкчылыктар менен тирилик кылганын аңдаштырууга, кандай кыйынчылыктарды тартып, алардын арасынан кайсы адамдык сапаттарды аздектегенин билип түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Өзгөчө К.Асаналиевдин адабий-сын чыгармаларында орун алып, адабиятчынын эстетикалык дүйнө кабылдоосунда тараза ташына коюлган Жамийланын, Танабайдын, Баланын, Момун чалдын, Орозкулдун, Эдигейдин, Сабитжандын, ж. б. образы кылым жаңырып, доор алмашса да өзүнүн көркөм дөөлөттүк баасын жогото элек. Ырас, мезгилдин өтүшү менен сынчы айрым көз караштарын алмаштырып, кээ бир жерде кеткен жаңылыштыктарын моюнга алып толуктап отуруп, көркөм образдын поэтикасы аркылуу [5] («Шекер и космос» аттуу эмгеги эске алынып жатат) жыйынтыктайт. Бир караганда мурдагы адабий-сын пикирлеринен түзүлгөндөй көрүнгөнү менен бул монографиялык эмгек азыркы адабият таануу үчүн бир катар кызыктуу материалдарды берет. Алардын биринчиси Ч.Айтматовдун чыгармалары, анда иштелип чыккан көркөм образдар тууралуу улам кийинки жылдарда айтылуучу пикирлерге багыт берүүчү ойдун ырааттуу жайгашуусу болсо, экинчиси заман кайсы багытты карай өзгөрбөсүн бир учурда кыргыз эли башынан кечирген советтик доордун элесин жеткиликтүү түзгөн жазуучунун артыкчылыгы эмне экенин дайыма көрсөтүп тургандыгы болуп эсептелет.

Ч.Айтматовдун чыгармаларына мындан ары ар бир доордун балдары кайрылып тураары бышык. Алар совет доорунда айтылган адабий-эстетикалык көз караштарды ээрчибей тургандыгы да анык. Бирок алардын жараткандары жазуучу менен замандаш жашап, бир доордун абасын дем алган К.Асаналиевдин адабий-сын пикирелринен ашып кетсе да, ал мезгилдин жүзүн, Ч.Айтматов жазып калтырган көркөм образдардын

адабий-эстетикалык мазмунун сынчынын өзүндөй ачып бере албайт. Ошол себептен Ч.Айтматовдун чыгармаларын таанып-билүүдө К.Асаналиевдин адабий-сын пикирлерин өздөштүрүү, анын ар бир айткан оюна маани берип изилдөө учурунда колдонуу зарылдыгы кандай маанилүү болсо, жазуучу өзү сыйлаган адабиятчынын пикири сүрөткердин ар бир чыгармасын окуп-үйрөнүүдө ошончолук орду бар экени айтпаса да түшүнүктүү.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Асаналиев К. Көркөм нарк. – Ф., 1988. – 135 бет.

2. Асаналиев К. Өрдөн өргө – Ф., 1977, 16-бет.

3. Асаналиев К. Кыргыз элинин жаңы доору. // Эл агартуу, 1986, № 4

4. Асаналиев К. Художественная интеграция реального и мифического в повести «белый пароход» Ч.Айтматова. – китепте: закономерности новописьменных литератур и проблемы социалистического реализма. – изд. Илим – Ф., 1985, 213-214-беттер.

5. Асаналиев К. Шекер и космос. – Б.: 2002, 71-283-беттер.

**МАЗМУНУ**

**СОДЕРЖАНИЕ**

**CONTENT**

***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***

***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***PEDAGOGICAL SCIENCE***

**1. Оторбаев Б. К.**

ИННОВАЦИЯ ЖАНА АДАБИЯТТЫ МЕКТЕПТЕ ИННОВАЦИЯЛАП ОКУТУУ МАСЕЛЕЛЕРИ...2

**Оторбаев Б. К.**

ИННОВАЦИЯ И ВОПРОСЫ ИННОВАЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ ЛИТЕРАТУРЫ В ШКОЛЕ...........2

**B. K. Otorbaev**

INNOVATION AND ISSUES OF INNOVATIVE TEACHING OF LITERATURE AT SCHOOL...............................2

**2. Рысбаев С.К.,**

САБАКТА ОКУУЧУНУН БИЛИМИ МЕНЕН МАШЫГУУЛАРЫН ДЕҢГЭЭЛДИК НЕГИЗДЕ БЫШЫКТООДО АТКАРЫЛУУЧУ МЕТОДИКАЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕР……………………………...11

**Рысбаев С.К.,**

МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ МЕРОПРИЯТИЯ ДЛЯ УРОВНЕВОГО УКРЕПЛЕНИЯ ЗНАНИЙ И УПРАЖНЕНИЙ ШКОЛЬНИКОВ НА УРОКЕ...........................................................................................11

**Rysbaev S.K.,**

METHODOLOGICAL MEASURES FOR LEVEL STRENGTHENING OF KNOWLEDGE AND EXERCISE OF SCHOOLS IN THE LESSON...........................................................................................11

**3. Сагынбаева Г. И., Дарманова З. А.,**

МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНДЕГИ КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН БИРИ-БИРИ МЕНЕН ӨЗ АРА ТЫГЫЗ БАЙЛАНЫШТА КЫЗМАТТАШУУСУ...........................................26

**Сагынбаева Г. И., Дарманова З. А.,**

ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ ПЕДАГОГОВ В ДОШКОЛЬНОМ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ УЧРЕЖДЕНИИ...........................................................................................................................26

**Sagynbayeva G. I., Darmanova Z. A.,**

PEDAGOGICAL INTERACTION OF TEACHERS IN A PRESCHOOL EDUCATIONAL INSTITION............26

**4. Буркитбаева М.**

ФУНКЦИЯ ИГРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ФОРМИРОВАНИИ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ ИЗУЧАЮЩИХ ЯЗЫК...........................................................................................31

**Бүркітбаева М.**

ТІЛ ҮЙРЕНУШІЛЕРДІҢ КОММУНИКАТИВТІ ҚҰЗЫРЕТТІЛІГІН ҚАЛЫПТАСТЫРУДАҒЫ ОЙЫН ТЕХНОЛОГИЯСЫНЫҢ ҚЫЗМЕТІ...........................................................................................31

**Burkitbaeva M.**

FUNCTION OF GAME TECHNOLOGY IN FORMING COMMUNICATIVE COMPETENCE OF LANGUAGE LEARNERS...........................................................................................31

**5. Арипжан Г. Ж., Дуйсебаева Г. А.**
СУЩНОСТЬ РЕФЛЕКСИВНО-РАЗВИВАЮЩЕЙ КОМПЕТЕНЦИИ И СТРУКТУРНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ЕЕ ФОРМИРОВАНИЯ В ПРОЦЕССЕ ПОДГОТОВКИ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА........40
**Әріпжан Г. Ж., Дүйсебаева Г. Ә.**
РЕФЛЕКСИВТІ ДАМЫТУ ҚҰЗЫРЕТТІЛІГІНІҢ МӘНІ ЖӘНЕ БОЛАШАҚ ШЕТЕЛ ТІЛІ МҰҒАЛІМДЕРІН ДАЯРЛАУ ПРОЦЕСІНДЕ ОНЫ ҚАЛЫПТАСТЫРУДЫҢ ҚҰРЫЛЫМДЫҚ ЕРЕКШЕЛІКТЕРІ........40
**Aripzhan G. Zh., Duisebaeva G. A.**
THE ESSENCE OF REFLEXIVE-DEVELOPING COMPETENCE AND STRUCTURAL FEATURES OF ITS FORMATION IN THE PROCESS OF TRAINING FUTURE FOREIGN LANGUAGE TEACHERS........40

***АДАБИЯТ ТААНУУ***
***ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИЕ***
***LITERARY STUDY***

**6.Токушева Төлөбүбү Сагынбековна,**
А. СТАМОВДУН ПОВЕСТТЕРИНДЕГИ ЛИРИЗМДИН ОРДУ........49
**Токушева Төлөбүбү Сагынбековна,**
МЕСТО ЛИРИЗМА В ПОВЕСТЯХ А. СТАМОВА........49
**Tokusheva Tolobubu Saginbekovna,**
THE PLACE LYRICISM IN A. STAMOVS NOVELS........49

**7. Акылбекова А.А.,**
АДАБИЙ ПОРТРЕТТИН ЖАНР КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ........52
**Акылбекова А.А.,**
ФОРМИРОВАНИЕ ПОРТРЕТА КАК ЛИТЕРАТУРНЫЙ ЖАНР........52
**Akylbekova A.A.,**
FORMATION OF A PORTRAIT AS A LITERARY GENRE........52

**8. Абдыкадырова Г.К.**
Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ТААНЫП-БИЛҮҮДӨ К. АСАНАЛИЕВДИН АДАБИЙ СЫН-ПИКИРЛЕРИНИН ОРДУ........57
**Абдыкадырова Г.К.**
РОЛЬ И МЕСТО КРИТИКИ К. АСАНАЛИЕВА В ИЗУЧЕНИИ ПРОИЗВЕДЕНИЙ Ч.АЙТМАТОВА........57
**Abdikadyrova G. K.**
The role and place of K. ASANALIEV's CRITICISM IN the study of CH. AITMATOV'S WORKS........57